Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча офиси

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

# ПРЕЗИДЕНТТИК ШАЙЛОО
# 10-июль, 2005-ж.

**ЕККУ/ДИАУБдун шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча миссиясы**
**Жыйынтык отчету**

**Варшава**
**7-ноябрь, 2005-ж.**

# МАЗМУНУ

**I. КЫСКАЧА БАЯНДАМА ........................................................ 1**

**II. КИРИШ СӨЗ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ ........................................................ 3**

**III. САЯСИЙ КЫРДААЛ ........................................................ 4**

**IV. УКУКТУК БАЗА ........................................................ 5**

**V. ШАЙЛОО ●ТК●РҮҮ ........................................................ 7**

A. ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫ ........................................................ 7
B. ШАЙЛОО ПРОЦЕССТЕРИН УЮШТУРУУ ........................................................ 8
C. ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕЛЕРИ ........................................................ 11

**VI. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО ........................................................ 13**

A. ТАЛАПКЕРЛИККЕ КӨРСӨТҮҮ, КОЛДОРДУ ЧОГУЛТУУ ЖАНА ТЕКШЕРҮҮ ........................................................ 13
B. ТИЛ БОЮНЧА ЭКЗАМЕН ........................................................ 14
C. КАТТОО ........................................................ 15

**VII. ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ КАМПАНИЯ ........................................................ 16**

**VIII. МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ ........................................................ 19**

A. ММКЛАР ТАРМАГЫНДАГЫ КЫРДААЛ ........................................................ 19
B. ММКЛАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ ........................................................ 20
C. ММКЛАРГА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ ........................................................ 21

**IX. АРЫЗДАР ЖАНА ДАТТАНУУЛАР ........................................................ 23**

A. ТАЛАПКЕРЛЕРДИН КАТТООСУ ТУУРАЛУУ АРЫЗДАР МЕНЕН ДАТТАНУУЛАР ........................................................ 24
B. ҮГҮТ ИШТЕРИ ЖАНА ММКЛАРГА БАЙЛАНЫШТУУ ДАТТАНУУЛАР ........................................................ 25
C. БАШКА ДАТТАНУУЛАР ........................................................ 26

**X. АЯЛДАРДЫН КАТЫШУУСУ ........................................................ 26**

**XI. АЗЧЫЛЫК УЛУТТАРДЫН КАТЫШУУСУ ........................................................ 27**

**XII. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БАЙКООЧУЛАР ........................................................ 27**

**XIII. ДОБУШ БЕРҮҮ ЖАНА ЭСЕПТӨӨ ПРОЦЕССТЕРИНЕ БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ ........................................................ 28**

A. ДОБУШ БЕРҮҮ ........................................................ 28
B. ДОБУШТАРДЫ ЭСЕПТӨӨ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАРДЫ ЧЫГАРУУ ........................................................ 30

**XIV. ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫН ЖАРЫЯЛОО ........................................................ 31**

**XV. СУНУШТАР ........................................................ 32**

A. УКУКТУК БАЗА ........................................................ 32
B. ШАЙЛОО ПРОЦЕССТЕРИН ТЕСКӨӨ ........................................................ 33
C. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО ........................................................ 33
D. МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ ........................................................ 33
E. ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕЛЕРИ ........................................................ 34
F. ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖОЛ-ЖОБОЛОРУ ........................................................ 34

**ЕККУ/ДИАУБ Ж●НҮНД● ........................................................ 35**

**Кыргыз Республикасы**
**Президенттик шайлоо**
**10-июль, 2005-ж.**

**ЕККУ/ДИАУБдун Шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча миссиясы**
**Жыйынтык отчету**[1]

# I. КЫСКАЧА БАЯНДАМА

КР Тышкы иштер министринин чакыруусуна жооп катары, ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча офиси (ДИАУБ) Кыргыз Республикасында 2005-жылдын 10-июлунда мөөнөтүнөн мурда өткөн президенттик шайлоого байкоо жүргүздү. ЕККУ/ДИАУБ шайлоо өлкөнүн ички мыйзамдарына, ЕККУнун 1990-жылы алынган Копенгаген документине жана башка эларалык демократиялык шайлоолорду өткөрүү боюнча стандарттарга ылайык өткөрүлүшүн баалады.

2005-жылдын 10-июлундагы мөөнөтүнөн мурда өткөн президенттик шайлоо көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасы ЕККУга берген милдеттенмелерин, ошондой эле демократиялык шайлоо стандарттарын аткаруу жагынан кыйла ийигилике жетишти. Добуш эсептөө учурунда добуш берүү процесси кандайдыр бир деңгээлде начарласа да, бул ийгилик өзгөчө шайлоо алдындагы жана добуш берүү процесстерине таандык болду. Фундаменталдык жарандык жана саясий укуктар, мисалы, өзүнүн ойлорун эркин билдирүү, эркин чогулуу укуктары шайлоо процесстери өтүп жаткан учурда жалпысынан сакталып турду.

Бийлик президенттин милдетин аткаруучунун атынан административдик ресурстарды колдонууга тыюу салынганы тууралуу билдирүү таратып жана тиешелүү чараларды көрүп, шайлоо процесстерин ЕККУга берген милдеттенмелерине ылайык өткөрүүгө саясий эрктин бар экендигин көрсөттү. Натыйжада, президенттин милдетин аткаруучунун пайдасына административдик ресурстарды колдонуу негизинен жок болду же бул тууралуу талаптар коюлган жок.

Шайлоо кампаниясына алты талапкер, алардын ичинде Кыргызстандын биринчи аял талапкери катышып, шайлоочуларга тандоо мүмкүнчүлүгү берилди. Ошого карабастан, президенттин милдетин аткаруучу Курманбек Бакиевдин талапкерлиги үстөмдүк кылып, анын оппонентерине караганда кыйла жакшы каржыланды. К.Бакиев менен Ф.Куловдун ортосундагы Ф.Куловдун шайлоого катышпоосун караган келишим жалпы калк тарабынан саясий кырдаалды турукташтырган фактор катары кабыл алынган, бирок бул факт дагы атаандаштуулукту кандайдыр бир деңгээлге төмөндөттү. Шайлоо кампаниясынын жүрүшүнө саясий партиялардын таасири чектелүү болду.

[1] Бул отчет орус жана кыргыз тилине которулган, бирок англис тилиндеги версия гана расмий отчет катары каралат.

Массалык маалымат каражаттары (ММК) сөз эркиндик укугун колдонуп, ачык кийлигишүүсүз иштеп жатышты, бийлик болсо саясий мүнөздөгү таасирди азайтуу максатында, мамлекет тарабынан каржыланган ММКларды реформалоо тууралуу демилгеси менен чыкты. Басмасөз тармагындагы абал жакшыртылып, талапкерлерге көз караштары менен бөлүшүп, кайрылууларын шайлоочуларга тартуулоо боюнча мүмкүнчүлүк берилди, ошондой эле, түз эфирде бир катар теледебаттар өткөрүлдү.[2] Ошого карабастан, К.Бакиевдин шайлоо кампаниясы башка талапкерлердикине караганда кеңирирээк чагылдырылып, жаңылыктарда кыйла көбүрөөк айтылып жатты.

ЕККУ/ДИАУБ тарабынан берилген бир катар сунуштар эске алынып, мурун Шайлоо кодексине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсе да, аны ЕККУга берилген милдеттенмелерге мындан да тыгыз ылайык келтирүү үчүн дагы өзгөртүүлөр керек болууда. Президентти шайлоо системасында маанилүү мыйзамдык тоскоолдуктардын бир топ айкалыштары бар, мисалы, шайлоо өттү деп таануу үчүн шайлоочулардын 50 пайызынын добуш берүүгө катышуусу талап кылынат, ошондой эле болочоктогу талапкерге 50,000 кол топтоо, күрөө коюу жана тил боюнча экзамен берүү талаптары коюлат.

Шайлоону уюштурууда айрым учурларда абал анык болбой калып жаткан себептүү, Борбордук шайлоо комиссиясы (БШК) шайлоону кыска мөөнөттө өткөрүү кыйынчылыктарын толук жеңе алган жок. Так инструкцияларды берүүдө, мыйзамды колдонууда жаңылыштыктар болуп жатты, ошондой эле кез-кезде ачыктыктын жоктугу байкалып жатты. Талапкерлерди каттоо жана шайлоо кампанияларды өткөрүү суроосу боюнча БШКнын талапкерлерге карата мамилеси кандайдыр бир деңгээлде тең болбой жатты. Ал эми ЕККУ/ДИАУБ жана башка эларалык уюмдардын мурда берилген сунуштары менен Борбордук шайлоо комиссиясынын Өкмөт үйүнөн башка имаратка көчүп кетүүсү жакшы кадам болду.

Төмөнкү денгээлдеги шайлоо комиссияларын түзүүдө бийлик жалпысынан кеңири катыштыруу мамилени карманды, бирок айрым учурларда формалдуу мамиле үстөмдүк кылып жатты. Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн көрсөтүүдө жана алардын ишине катышууда жарандык активдүүлүктүн деңгээли жогору болду. Төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссиялары эффективдүү иштеди десе болот, бирок алардын ишинин ачык-айкындуулугун мындан да жогорулатса болмок.

Шайлоочулардын тизмелерин жакшыртуу боюнча биргелешкен аракеттер кылынса да, тизмелерди жаңыртуунун айрым аспектилери мыйзамдын чегинен чыгып жатканы шайлоо алдында жана шайлоо күнү анык болду. Андан сырткары, шайлоо алдында жана шайлоо күнү тизмелердеги

[2] Талапкерлердин дебаттары субтитрлери менен өзбек тилинде Ошто жеке телекөрсөтүү аркылуу берилди. Бул өзбек азчылык улутунун шайлоо процесстерине тартууну кыйла илгерилетти.

шайлоочулардын саны түшүнүксүз себептер боюнча өзгөрүп турганы, өз кезегинде бюллетендерди эсептөө тууралуу суроо туудурат.

Шайлоо тууралуу салыштырмалуу аз даттануулар жана арыздар түштү. Жарандык коомдун уюмдары жергиликтүү байкоочулар катары активдүү иштеп, шайлоочуларды окутуу жана мобилизациялоо аракеттерин жүргүзүштү.

Шайлоо күнү тынч болуп, добуш берүү негизинен олуттуу маселелерсиз jткjр³лд³. Ошого карабастан, участкалык шайлоо комиссияларынын (УШК) м³чjлjр³н натыйжалуураак окутуу аркылуу, шайлоо күнү орун алган жол-жоболук маселелерди жок кылса болмок. Бирок олуттуу бузуулардын бир нече учурлары мындан да чоң тынчсызданууну туудурду, алардын ичинде бюллетендерди топтоп урнага салып таштоо жана добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын саны м³мк³н эмес т³рдj көбөйүп кетиши байкалды. Ошону менен бирге мындай бузуулардын саны чектелүү болду. Добуш сатып алуу учурлары байкалган жок.

Шайлоо процессинин сапаты добуш эсептөө жана жыйынтыктарды чыгаруу учурунда төмөндөп кетти. Айрым УШКлар тарабынан протоколдордун жыйынтыктары бурмаланып жатканы байкалды. Ошого карабастан, көпчүлүк УШКлардын протоколдору эмдиги күнү эртең менен интернетте жарыяланып, жергиликтүү байкоочулар менен талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү УШКлардын протоколдорун жалпысынын ала алгандыгы, ачыктуулукту жогорулатууда маанилүү кадам болду.

Кыргызстандын бийлиги бул ийгиликти бекитип, мындан ары шайлоо процессин жакшыртуу багытында чараларды көрүш керек. ЕККУ/ДИАУБ Кыргыз Республикасынын бийлигинин ЕКУУ милдеттенмелериине ылайык шайлоолорду өткөрүү боюнча аракеттерин колдоого даярдыгын билдирет. Бул отчет шайлоо процессин мындан ары жакшыртуу тууралуу сунуштарын тартуулайт. Ошону менен бирге, азыркы отчетто ЕККУ/ДИАУБ тарабынан мурун тартууланган, бирок жарым-жартылай гана аткарылып, ошондуктан күчүн сактаган сунуштар кайталанбайт.

## II. КИРИШ СӨЗ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ

ЕККУ/ДИАУБдун Кыргыз Республикасындагы мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча миссиясы (ЕККУ/ДИАУБ ШБМ) 2005-жылдын 2-майында түзүлгөн. Миссия элчи Любомир Копай (Словак Республикасы) тарабынан жетектелип, Бишкекте жайгашкан 17 мүчө кирген негизги топтон жана Кыргызстандын бардык региондорунда иштеген 26 узак мөөнөттүү байкоочулардан түзүлгөн.

10-июлда шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн ЕККУ/ДИАУБ ШБМга 299 кыска мөөнөттүү байкоочу, алардын ичинде 21 адам ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясынан (ЕККУ ПА) жана Европа Парламентинен 9 адам кошулуп,

Эларалык шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясын (ШБЭМ) түздү. ЕККУнун Азыркы төрагасы ЕККУ ПАнын башчысы, мырза Киммо Килюненди (Финляндия) кыска мөөнөттүк байкоочуларды жетектөө үчүн Атайын координатор болуп ЕККУнун офис төрагасы тарабынан дайындалды. Мырза Альберт Ян Маат (Нидерланддар) Европа Парламентинин делегациясын жетектеди.

Жалпысынан, ЕККУга катышкан 43 өлкөнүн өкүлдөрү байкоочулардын тобун түздү. Байкоочулар өлкөнүн 2,150дөй шайлоо участкасынын 1,300 шайлоо участкасынан отчет берип турушту.

ЕККУ/ДИАУБдун жыйынтык отчетун, 2005-жылдын 11-июлунда жарыяланган «Алдын ала байкоолор жана жыйынтыктар боюнча билдирүү» жана «Кыргыз Республикасынын мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоо боюнча ЕККУ/ДИАУБдун ортоңку мөөнөттөгү сунуштары» менен бирге окуу зарыл.[3]

ЕККУ/ДИАУБ КР Тышкы иштер министрлигине, Борбордук шайлоо комиссиясына, ошондой эле башка бийлик өкүлдөрүнө, Бишкектеги ЕККУнун борборуна, жарандык коомдун уюмдарына, эларалык уюмдарга, ЕККУга катышкан өлкөлөрдүн жергиликтүү элчиликтерине миссиянын жүрүшүнө алардын жардамы жана кызматташуусу үчүн ыраазылыгын билдирет.

## III. САЯСИЙ КЫРДААЛ

2005-жылдын феврал жана март айларында Кыргыз Республикасында өткөн парламенттик шайлоолор, демократиялык шайлоолорду өткөрүү боюнча ЕККУга берилген милдеттенмелерге жана эларалык стандарттарга толугу менен ылайык келбейт деп бааланган. Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар коомчулуктун нааразылыгын туудуруп, аягында президент Аскар Акаевдин 24-мартта кызматтан түшүп, өлкөдөн кетүүсүнө алып келди.

Президенттин өлкөдө жоктугуна байланыштуу, өткөн чакырылыштагы парламент оппозиция лидери Курманбек Бакиевди президенттик шайлоого чейин президенттин жана премьер-министрдин милдетин аткаруучу кылып дайындады. 26-мартта БШК жаңы шайланган парламентти бекитти, ошону менен мырза Бакиевдин дайындалышы бекитилди. А.Акаев отставкасы тууралуу арызын берип, ал парламент тарабынан 11-апрелде кабыл алынды. Парламент мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоону 10-июлда өткөрүүнү чечти.

Президент А.Акаев түшкөндөн кийин, түрмөдөн чыгарылган алдыңкы оппозиция лидери Ф.Кулов менен президенттин милдетин аткаруучу

[3] Бул эки документти www.osce.org/odihr-elections/15526.html дареги боюнча тапсаңыз болот.

К.Бакиевдин ортосунда 12-майдагы келишимдин түзүлүшү, президенттик шайлоого ат салыштын динамикасын түптөдү.[4] Келишим боюнча Ф.Куловдун шайлоого катышуудан баш тартып, биринчи вице-премьер-министр болуп дайындалуусу каралган. Эки тарап тең адилет жана ачык шайлоо өткөрүүгө ниетин билдирди. Эгер К.Бакиев шайлоодо жеңсе, ал Ф.Куловду премьер-министр кылып дайындамак болду. Келишимге ылайык талапкер катары катталгандан кийин К.Бакиев шайлоо алдындагы кампаниясын өткөрүү үчүн кызматтан кетмек болду. Өлкөдөгү туруктуулуктун сакталышы үчүн келишимди көп байкоочулар абдан маанилүү деп тапса да, ал шайлоодогу атаандаштыктын деңгээлин төмөндөтүүгө алып келди.

Мөөнөтүнөн мурда өткөн президенттик шайлоо, мурунку президент Акаев 2003-жылдын референдуму аркылуу колуна топтогон кыйла бийликке жооп катары, конституциялык реформа боюнча өтүп жаткан талкуулоолор менен коштолду. Ошондой эле реформа президент, парламент жана премьер-министрдин полномочиелеринин балансын парламент менен премьер-министрдин пайдасына өзгөртүүгө багытталган[5]. 114 мүчөдөн турган Конституциялык кеңеш Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө долбоорду 9-июнда жарыялап, коомдук талкууга койду.

## IV. УКУКТУК БАЗА

Президенттик шайлоонун укуктук базасы, 2003-жылдын референдумунан кийин толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилген Конституцияны, Борбордук шайлоо комиссиясы жөнүндө мыйзамды жана Шайлоо кодексин камтыйт. 1999-жылдан тартып Шайлоо кодексине 18 жолу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Шайлоо кодексине киргизилген айрым өзгөртүүлөр прогрессивдүү болгонуна карабастан, аны ЕККУга берилген милдеттенмелерге жакыныраак ылайык келтирүү максатында мындан аркы жакшыртуулар талап кылынат.

ЕККУ/ДИАУБ президенттик шайлоонун укуктук базасын жакшыртуу боюнча сунуштарын киргизген. Алар «Мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоону өткөрүү боюнча ортоңку мөөнөттөгү сунуштары» жана «2005-жылдын февраль-мартында өткөн парламенттик шайлоолор боюнча жыйынтык отчету» сыяктуу мурунку отчетторунда камтылган. Парламентте мөөнөтүнөн мурда өтө турган президенттик шайлоого чейин бул сунуштардын негизинде кандайдыр-бир мыйзам долбоорлор талкууланган эмес, жана парламент 30-июнда

[4] 2000-жылы Ф.Кулов, мурунку КР Ички иштер министри жана Улуттук коопсуздуктун башчысы президенттикке ат салуу тууралуу ниетин билдирген, бирок эмки айда камакка алынып, 2001-жылдын 22-январында Аскердик сот тарабынан коррупция тууралуу айыптоолордун негизинде 7 жылга кесилген. Түрмөдөн бошотулгандан кийин Ф.Кулов сот аркылуу акталган.

[5] К.Бакиев жана Ф.Куловдун келишиминде конституциялык реформаны 2005-жылдын октябрь айына чейин баштоо тууралуу пункт киргизилген.

Шайлоо кодексине жайкы мезгилде шайлоо участкаларынын ачылышын эки саатка узартуу тууралуу толуктоо киргизди.

Президент беш жылдык мөөнөткө шайланат, бирок Конституцияга ылайык, президентти мөөнөтүнөн мурда шайлоо, президенттин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда аяктаган учурдан тартып үч ай өткөндө өткөрүлөт. Ошондой эле, Шайлоо кодексине ылайык, Президентти мөөнөтүнөн мурда шайлоо учурунда, Шайлоо кодескинде белгиленген шайлоо иш-аракетинин мөөнөтү төрттөн бирге кыскарат.[6]

Конституцияга негизделип, Шайлоо кодекси белгилегендей, эгер талапкерлердин бири да шайлоочулардын 50%дан көп добушун албаса, шайлоочулардын кыйла көп добушун алган эки талапкердин ортосунда добуш берүүнүн экинчи туру дайындалат. (65- статьянын 3-пункту жана 66-статьясынын 1-пункту).

Президентти шайлоо системасында кыйла олуттуу укуктук тоскоолдуктар бар. Президенттин шайлоосун ийгиликтүү өттү деп эсептөө үчүн шайлоого шайлоочулардын кем дегенде элүү пайызынын катышуусу талап кылынат.[7] Шайлоого шайлоочулардын талап кылынган минималдуу саны катышпаса, анда шайлоо кайрадан өткөрүлөт (67-статья). Ошону менен мыйзам натыйжалуу аяктабаган шайлоолордун кайталанышына мүмкүндүк түзүп, шайлоо бузууларына жол берүүдө.

62-статьянын 1-пунктунун өзүнүн талапкерлигин колдоо үчүн 50,000 (катталган шайлоочулардын 2 пайзына жакын) кол топтоо боюнча талабы мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоону өткөрүүнүн кыскартылган мөөнөтүнө байланыштуу ого бетер күчөтүлгөн тоскоолдук болду. Бул талап эң мыкты эларалык тажрыйбасында сунушталган көлөмдөн эки эсе көп болууда.[8] Мындан тышкары, 63-статьянын 3-пункту талапкер тарабынан шайлоо күрөөсүн коюу талап кылат, ал шайлоочулардын кеминде 15 пайызы талапкерди жактап добуш берсе, талапкерге кайра кайтарылат.
Акырында, Президент «мамлекеттик тилди билиш керек» деген Конституциянын жобосуна (43-статья, 3-пункт) негизделип, КР Шайлоо кодексинде болочок талапкерлердин мамлекеттик тил боюнча экзамен тапшырышы каралат. Конституция мамлекеттик тил боюнча экзамен берүүнү

---

6 Шайлоо кодексинин 58-статьясынын 6-пункту. Мисалы, эгер кезектеги шайлоо үчүн талапкерлердин кол топтоо мөөнөтү шайлоого 50 күн калганда аяктаса, Президентти мөөнөтүнөн мурда шайлоодо - шайлоого 38 күн калганда аяктайт.

7 Конституциянын 44-статьясы жана Шайлоо кодексинин тиешелүү статьялары (биринчи тур үчүн - 65-статьясынын 3-пункту, экинчи тур үчүн - 66-статьясынын 4-пункту).

8 “Шайлоо суроолору боюнча эң мыкты тажрыйбалар – Колдонмо жана түшүндүрмө отчету», Европа Кеңешинин Венециялык комиссиясы, октябрь, 2002-ж. http://venice.coe.int/docs/2002/CDL-AD(2002)023rev-e.asp сайтынан караңыз.

талап кылбайт, ошондуктан ЕККУ/ДИАУБ бул талапты кайрадан карап чыгууну мындан мурун сунуштаган.[9]

Шайлоо кодекси боюнча шайлоочуларга бюллетенде көрсөтүлгөн талапкерлерден тышкары «бардык талапкерлерге каршы» деп добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берилет. Шайлоонун маңызы өкүлчүлүктө жаткандан соң, бул мүмкүнчүлүк өкүлчүлүк демократиянын стандарттуу аныктамасына шайкеш келбейт, анткени «бардыгына каршы» деп добуш бергенде, шайлоочу өкүлүн тандабоону чечет деген маанини туюндурат.

2004-жылы Шайлоо кодексине киргизилген өзгөртүүлөр ачык-айкындуулукту камсыз кылуу боюнча чараларды, мисалы, бир адамдын көп жолу добуш берүүсүн алдын алуу максатында шайлоочулардын бармагына боек себүүнү (40-статья, 1-пункт) жана тунук урналарды колдонууну (10-ст.,1-п.3-пп.) карайт.

# V. ШАЙЛОО ӨТКӨРҮҮ

## A. ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫ

Президенттик шайлоо БШК тарабынан жетектелген төрт денгээлдүү шайлоо администрациясы тарабынан өткөрүлдү. Ага жети облустук шайлоо комиссиясы жана Ош менен Бишкек шаарларынын шайлоо комиссиялары кирди (ОШК), 56 райондук жана шаардык шайлоо комиссиясы (РШК/ШШК), жана 2,150дөн ашык участкалык шайлоо комиссиялары (УШК) кирди. БШК беш жылга бекитилген, төрага жана 12 мүчөдөн турган туруктуу орган. БШКнын төрагасы менен 6 мүчөсү Президент тарабынан дайындалат, калган алты мүчөсүн Парламент дайындайт. Президенттин милдетин аткаруучу К.Бакиев 11-апрелде БШКнын мүчөсү мырза Туйгунаалы Абдраимовду БШКнын төрагасы кылып, 3-майда анын ордуна башка мүчөнү дайындап, ошону менен БШКнын курамы бир аз өзгөрүлдү.

БШКнын алдында турган ОШКлар дагы беш жылга дайындалган туруктуу органдар. Алардын милдеттери - көрсөтүлгөн талапкерлер топтогон колдорду текшерүү, шайлоочулардын тизмесин жаңыртуу иштерине көзөмөл жүргүзүү (ошондой эле өлкөдөн тышкары катталган шайлоочуларды тизмеден чыгаруу), төмөнкү денгээлдеги шайлоо комиссияларын окутуп, колдоо көрсөтүү.

Бул шайлоо үчүн атайын түзүлгөн төмөнкү денгээлдеги шайлоо комиссияларын түзүү өз учурунда өтүп, негизинен ар түрдүү жана кеңири өкүлчүлүктү камтууга багытталды. Шайлоо кодекси боюнча 33 пайыз каралса да, саясий партиялардын мүчөлөрү шайлоо комиссиялардын мүчөлөрүнөн 22 пайызды түздү. Саясий партиялар муну өзүлөрүнүн атаандаштык артыкчылыктары же толук квотага жетүү үчүн аз убакыт берилип үлгүрбөй

9 ЕККУ/ДИАУБдун Кыргыз Республикасындагы 2000-жылдын Президенттик шайлоосу боюнча жыйынтык отчету.

калгандыгы менен түшүндүрүштү. Аялдардын саны РШК/ШШКлардын курамынын үч бөлүгүнөн көбүн түздү.
ММКларда жарыяланган БШКнын кулактандыруулары саясий партиялардын, бейөкмөт уюмдардын жана шайлоочулардын чогулуштарына УШКларга мүчөлөрдү көрсөтүүгө жол берип, алар 16-июлга чейин түзүлгөн. Көп учурларда УШКларды уюштурган жергиликтүү органдар мүчөлүккө көрсөтүлгөн талапкерлерден баш тартпоо позициясында болушту. УШКлардын 50дөн ашуун пайызын жаңы мүчөлөр түздү. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин саны мурунку шайлоолорго караганда кыйла азыраак (12 пайыз чамалуу) болсо да, саясий партиялар көрсөткөн мүчөлөр УШКлардын 14 пайызын гана түздү. УШКнын курамынын 52 пайызы аялдардан турду.

Айрым УШКларды түзүүдө кеңири өкүлчүлүк талабынын маңызы чагылдырбай, формалдуу мамиле кылынган учурлары байкалса да, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ РШК/ШШКларды же УШКларды түзүү маселеси боюнча олуттуу сын-пикрилерди уккан жок[10]. Мисалы, айрым УШКларга дайындалган саясий партиялардын мүчөлөрү кайсы орган аны көрсөткөнүн билбей же УШКнын жыйындарына барбай койгон учурлары болду. Айрым учурларда бир эле уюмдан көрсөтүлгөн мүчөлөрдүн саны комиссиянын жарымын же андан көбүн түзүп жатты. Бул мыйзамсыз болбосо да, мындай жагдайдан баш тартуу керек деп БШКнын төрагасы билдирүү жасаган, бирок жазуу түрүндөгү көрсөтмөнү БШК, кыязы, чыгарбагандай болду. ЕККУ/ДИАУБ мурунку сунуштарында бир уюмдун өкүлдөрү УШКнын мүчөлөрүнүн үчтөн бир бөлүгүнөн ашпаш керек деп айтылган.

УШКнын мүчөлөрү функциялары жана милдеттери боюнча эл аралык донорлордун колдоосу менен уюштурулган окуудан өтүшкөн. Ошого карабастан, элди шайлоочулардын тизмеси менен тааныштыруу, добуш эсептөө, өзгөчө шайлоо жыйынтыктары боюнча протоколдорду толтуруу суроолору боюнча УШКнын мүчөлөрү мыйзам менен БШКнын инструкцияларын түшүнүүдө айрым учурларда кыйынчылыкка дуушар болгондугун, шайлоо алдында жана шайлоо күнү жүргүзүлгөн байкоолор далилдеди. Айрым УШК мүчөлөрү, добуш эсептөө жана протоколдорду толтуруунун маанилүүлүгү окуу убагында баса белгиленген эмес деп, ШБЭМ байкоочуларына айтышты.

## B. ШАЙЛОО ПРОЦЕССТЕРИН УЮШТУРУУ

Шайлоо күнү дайындалгандан кийин БШК дароо шайлоого даярдануунун жана өткөрүүнүн календардлык планын чыгарган. Бирок андан кийинки аракеттер эффективдүүрөк уюштурулса, БШКнын ишмердүүлүгү максатка ылайык өтмөк эле. Шайлоо өткөрүүгө аз убакыт берилип, БШКнын башка имаратка көчүшүнө байланышкан башаламандык шайлоо процесстеринин тиешелүү деңгээлде уюштурулбаганын жарым-жартылай гана түшүндүрөт.

[10] Өлкөнүн сырт жагында иштеген УШКларды эсеке албаганда; төмөндөгү С бөлүмүн караңыз.

БШКнын жыйындары тууралуу байкоочуларды өз убагында маалымдоо, же чечимдеринин бардыгын жарыялоо сыяктуу иштердин жоктугунан, анын ишинде толук маалымдуулук жана ачыктык болгон жок. БШК айрым учурларда жабык жыйындарды өткөрүп, алардын темасы тууралуу маалымдап турган жок. БШКнын төрагасы өзүнүн эрежелерин бузуп, бардык чечимдерди ачык жыйындарда кабыл албай жатат деп БШКнын бир мүчөсү 3-июнда ооз эки түрүндө даттанды. Андан сырткары, Борбордук шайлоо комиссиясы дайым эле бейтарап орган катары иштеп турган жок[11].
БШК топтолгон колдорду тапшыруунун мөөнөтү тууралуу так маалымат берген жок, натыйжада бир талапкердин каттоосу зыянга учурады («Талапкерлерди каттоо» боюнча VI- бөлүктү караңыз), жана бирден көп талапкерликке көрсөтүлгөн адамдарды колдоп, кол коюуга шайлоочулардын укугу тууралуу туура эмес маалыматты, кыязы, ММКлар аркылуу төгүндөбөгөндөй болду. Шайлоо календарында жарыяланган маанилүү даталар сакталган жок, мисалы, 17-июнга белгиленген бюллетендин формасынын бекитилиши кечиктирилди, бюллетендерди басуу 29-июнда башталмак, бирок 26-июнда БШКнын төрагасынын колу коюлган тиешелүү буйругу чыгарылбастан башталды; ошондой эле 21-июнга чейин УШКларга шайлоочулар тизмелери жеткирилген жок.

Ошондой эле БШК жол-жоболордун бирдей өткөрүлүшүн камсыз кылуу үчүн так инструкцияларды берген жок. Мисалы, ОШКлар тарабынан текшерүү үчүн алынган талапкерлер топтогон колдордун бөлүгүнүн саны жөнгө салынган жок. Добуш берүү тизмеден чыгуу күбөлүктөрүн (ТЧК) басып чыгууга кылган БШКнын мамилеси начар пландаштырууну жана натыйжалуу иштебегендикти көрсөттү. Башында ал 8,750 ТЧК (шайлоочулардын жалпы санынын 0.3 пайызы) басууга заказ берип, бир нече күндөн кийин дагы 44,000 ТЧК бастырды.[12]

Шайлоо процессинин маалымдуулугун жана ачыктуулугун жакшыртууга БШК тарабынан аракеттер болду. ЕККУ/ДИАУБ жана башка эл аралык уюмдар көп жолу сунуштагандай, БШК Өкмөт үйүнөн башка имаратка көчүп кетти. Жогоруда айтылган маалымдуулук проблемасына карабастан, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ катышып, байкоо жүргүзө алган БШКнын жыйындары далилдегендей,

---

[11] БШКнын Мырза Барыктабасовду каттабоо тууралуу чечими сот аркылуу чечиле электе эле БШКнын төрагасы Мырза Барыктабасовдун жарандыгы тууралуу саясий мүнөздүү билдирүүлөрдү жасап, ММКлардын алдында жарандын антын бир нече жолу окуп берди. БШК вебсайтында «У.Барыктабасов Казакстандын атуулу экендигин далилдеген документтер» деген баракты жайгаштырган, ал эми башка катталбай калган талапкерлер боюнча каттабоонун себептерин жайгаштырган эмес.

[12] ТЧКлар шайлоочуларга өзүнүн шайлоо участкасынан тышкары башка жерде добуш берүү үчүн берилет. Башында басылган ТЧКлардын саны талаптан аз болушу мүмкүн экени айкын болчу, өзгөчө БШК жана жарандык коом топтору ТЧКны колдонуу боюнча окутуу кампаниясын откөргөнүн эске алганда. Мисалы, Карасуу УШКсы (Ош облусу) 118 УШКанын арасында таратуу үчүн башында 324 ТЧК гана алган, ал эми катталган шайлоочулардын жалпы саны 178,000ден ашкан. ТЧКлар кошумча басылып, окутуу кампаниясы өткөрүлгөнүнө карабастан, бардык эле УШКлар ТЧКларды тараткан жок, башкалары алар эмнеге керек жана аны алууга кимдин укугу бар экени тууралуу маалыматы жок болу. Натыйжада, 9,000ден аз ТЧК берилген.

БШК коллегиалдуулугун жогорулатып, чечим кабыл алуу процессиндеги плюрализмди көтөргөнгө үлгүрдү. БШКнын шайлоо алдындагы үгүт иштерине байкоо жүргүзүү боюнча жумушчу тобу (мындан ары Жумушчу топ) дагы өз иштерин ачык алып барды. БШК, ошондой эле, участкалар боюнча добуш берүүнүн ортоңку мөөнөттөгү натыйжаларын алардын түшкөнүнө жараша өз сайтына жайгаштыруу боюнча мактоого татыктуу болгон тажрыйбасын улантты.

Миссиянын узак мөөнөттүк байкоочулары тарабынан, мыйзам чегинде суралган маалыматты кечиктирип берген Ысыккөл ОШКсын эске албаганда, ЕККУ/ДИАУБ миссиясы ОШКлардын шайлоо алдында өткөргөн иштерин жалпысынан натыйжалуу жана ачык деп тапты. Жалпысынан РШК/ШШКлар шайлоо алдында үзүрлүү иштешти, айрым учурларда алардын ишинде маалымдуулук жетпегенине карабастан, байкоочуларга атайлап тоскоолдук кылуу байкалган жок. Айрым УШКлар шайлоо алдындагы учурда аныкталган сааттарда ачык болуу милдетин аткара алган жок. (РШК/ШШКлар жана УШКлардын ишине байланыштуу суроолор тууралуу XIII- бөлүмдөн караңыз).
Республиканын аймагынан тышкары добуш берүү чет өлкөлөрдө 38 шайлоо участкасында уюштурулду.[13] Чет өлкөлөрдө добуш берүүгө даярдык көрүү маселелерсиз өткөн жок, алардын ичинде шайлоочуларды каттоо мөөнөтү 10-июнда аяктайт деген өз көрсөтмөсүн БШК тарабынан жоюу жана чет өлкөлөрдө катталган шайлоочулардын мыйзамга шайкеш келбеген тизмелерин алуу болду. Чет өлкөлөрдө катталган шайлоочулар тууралуу маалымат тиешелүү РШК/ШШКларга өз учурунда жетпей калып, туруктуу катталган жерлерде шайлоочулар тизмелери басыла электе алардын аттары алынбай калып жаткан учурлар болду.

Республиканын аймагынан тышкары добуш берүү үчүн жалпысынан 55,000 бюллетень, алардын ичинен 5,000 бюллетень шайлоого бир жума калганда жиберилген. Чет өлкөлөрдө добуш берген шайлоочулардын жыйынтык саны БШК тарабынан жарыялангана тууралуу ЕККУ/ДИАУБ ШБМде маалымат жок, бирок БШК тарабынан акыркы жолу берилген маалымат боюнча, алардын саны 37,655ке жетти. Демек, чет өлкөлөрдө добуш берүүгө жиберилген бюллетендердин саны УШКларга берилген бюллетендердин саны катталган шайлоочулардын 0.5 пайызынан ашпаш керек деген мыйзам талабынын чегинен чыкты.

БШК менен бейөкмөт уюмдардын шайлоочуларды окутуу боюнча иштери көрүнүктүү түрдө өттү: телекөрсөтүү аркылуу шайлоого катышууга чакырган жарнамалар, рекламалык щиттер, баракчалар, жаш шайлоочуларга кайрылуулар, өзүлөрүнүн аттарын шайлоочулар тизмесинде текшерүү, добуш сатып алууга каршы чыгуу, адилет шайлоо өткөрүү тууралуу чакырыктар болду.

---

[13] ЕККУ/ДИАУБ чет өлкөлөрдө добуш берүүгө байкоо өткөргөн жок, чет өлкөлөрдө добуш берүүгө Кыргызстанда өткөрүлгөн даярдыкка гана байкоо жүргүздү.

## C. ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕЛЕРИ

2005-жылдын февраль-мартында өткөрүлгөн парламенттик шайлоо менен президенттик шайлоонун ортосунда шайлоочулардын тизмелерин жакшыртуу максатында кыйла аракеттер кылынды. Жергиликтүү бийлик оңдоолорду киргизди, ошондой эле бир нече миң шайлоочулардын кайталанып жазылган аттары өчүрүлгөн. Шайлоо күнүнүн аягына чейин 2,670,530 шайлоочу негизги жана кошумча шайлоочулардын тизмелерине киргизилген, бул парламенттик шайлоого салыштырмалуу 2 пайызга көп болду. Катталгандардын 4 пайызы кошумча шайлоочулар тизмелерине киргизилген, мунун натыйжасында кошумча тизмелердеги шайлоочулардын саны парламенттик шайлоого салыштырганда азайды.

Шайлоочулардын тизмесин даярдоо боюнча жоболор толук жана так эмес бойдон калып, ар кыл талкуулоорго жана манипуляциялардын болушуна жол берүүдө. Шайлоочулардын тизмесине киргизилиш үчүн УШКнын аймагында туруктуу катталыш (прописка) керек. Каттоо системасынан шайлоочулар тизмесине маалыматты көчүрүү жолу жакшы аныкталган болсо, башка жол-жоболор негизинен жөнгө салынган эмес. Алардын ичинде – бийлик тарабынан маалымат берүү, убактылуу каттоону колдонуу, каттоодон чыкпай туруп, башка жерге кеткендерди учетко алуу, расмий шайлоочулар тизмелери басылгандан кийин өзгөртүүлөрдү киргизүү, кошумча шайлоочулар тизмелерин толуктоо, чет өлкөлөрдө добуш берүүнү көзөмөлдөө, «Шайлоо МАС" деп аталган мамлекеттик автоматташтырылган системасында маалыматты текшерүү.[14]
Мыйзам боюнча шайлоочулар тизмелери шайлоого 15 күн калгандан тартып коомчулукту тааныштыруу үчүн илиниш керек. Көп жерлерде бул талап ишке ашырылбаса да, шайлоо участкалардын ичинде таанышуу үчүн шайлоочулар тизмелери, айрым учурларды эске албаганда, илинип турду. Интернет аркылуу шайлоочулар тизмелерин текшерүүгө мүмкүндүк берген Шайлоо вебсайтында шайлоого бир күн калганга чейин тизмелерди табуу негизинен мүмкүн болгон жок. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ интернетке коюлган айрым шайлоочулар тизмелерин текшерип, кайталанган аттар район/облус/шаар жана мамлекет деңгээлинде аныкталбай ошо бойдон калганын байкады.

Шайлоого бир нече күн калганда жана шайлоо күнү айкын болгондой, шайлоочулардын тизмелерин жаңыртуу иштеринин айрым аспектилери мыйзамсыз өткөрүлгөн. Жергиликтүү бийлик тарабынан өткөрүлгөн шайлоочулардын тизмелерин текшерүүлөрү тургундардын каттоосуна эмес, чыныгы турган жерине негизделген, жана көп УШКалар шайлоочулар тизмелерине карандаш менен шайлоочу бул жерде турбайт деп жазып коюшкан. Формалдуу каттосу бар экендигине карабастан жана чет өлкөдө добуш берүү тууралуу жобого карама-каршы бул эки учурда да тең, өлкөдөн чыгып кеткени белгилүү деп жарандар тизмеден алынып салынган.

---

[14] Мисалы, шайлоочулардын аты эки жолу кайталанган шайлоочулардын тизмелери РШК/ШШКлар боюнча «Шайлоо» МАС операторлоруна көп учурда жиберилген эмес.

Шайлоо алдында жана шайлоо күнү расмий жарыяланган шайлоочулардын тизмелерине түшүнүксүз өзгөрүүлөр киргизилип жатты. Бюллетендер басыла баштаган күнү - 26-июнда шайлоочулардын тизмелерине өлкө боюнча 2,691,478 шайлоочу киргизилген. Бирок шайлоо күнү башталганда шайлоочулардын тизмелериндеги шайлоочулардын саны 2,555,246[15] деп көрсөтүлдү жана шайлоо күнү аяктаганда негизги шайлоочулардын тизмелериндеги шайлоочулардын саны 2,562,603кө жетти, ал эми кошумча шайлоочулардын тизмелерине дагы 107,927 адам киргизилген.

Бул тынчсыздануну туудурат, анткени шайлоо күнү негизги шайлоочулардын тизмелерине киргизиле турган өзгөрүүлөр – аттарды, мисалы, каза болгондорду тизмеден чийип салуу мүмкүндүгүнө байланыштуу шайлоочулардын санынын азайышынан чыгышы мүмкүн. Ал эми өз участкаларында иш жүзүндө жок болгондуктан шайлоочулардын аттары тизмелерден чийилип салынганы кеңири байкалганына карабастан, катталган шайлоочулардын санынын көбөйүшү орун алды. Добуш берүүгө катышкандардын саны шайлоочулардын 50 пайызынан кем эмес болуш керек деген талапты эске алганда, катталган шайлоочулардын санын азайтып шайлоого келгендердин пайызын көтөрүү каалосу балким бул жерде өз ролун ойногон болуш керек (ошондой эле IV – бөлүмүн караңыз – Укуктук негиздер).

Мыйзамга ылайык, басылган бюллетендердин саны катталган шайлоочулардын санына барабар болуп, плюс жарым пайыз резервдик бюллетендерди камтыш керек. Басылып жаткан учурда жана шайлоо күнү шайлоо бюллетендеринин коопсуздугу ЕККУ/ДИАУБ ШБМды тынчсыздандырды. Бюллетеньдер борбордук басмаканада басылган. БШК басмаканада өзү берген заказга кошумча дагы 15,000 бюллетень тапкан. Ашыкча бюллетендер жок кылынган.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ шайлоо күнү өлкө боюнча УШКлар катталган шайлоочулар боюнча эки цифра колдонуп жатканын күбө болушту: УШК боюнча катталган шайлоочулардын саны жана «бул жерде жашабайт» деп шайлоочулар тизмелеринде белгиленгендердин саны алып салынгандан кийинки алынган төмөнүрөөк цифра. Жалпысынан, ушул акыркы цифра катталган шайлоочулардын саны деп протоколдорго киргизилип жатты. Ошондой эле бардык жерлерде РШК/ШШКлар ошол акыркы цифранын негизинде бюллетендерди УШКларга жиберип жатканы байкалган. Ал эми басылган бюллетендердин жалпы саны шайлоочулар тизмелеринде катталган шайлоочулардын санына негизделген сон, РШК/ШШКларда калган ашыкча бюллетендерди тиешелүү түрдө эсепке алынганы суроо бойдон калууда.

[15] БШКнын вебсайты: www.shailoo.gov.kg.

# VI. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО

## A. ТАЛАПКЕРЛИККЕ К●РС●ТҮҮ, КОЛДОРДУ ЧОГУЛТУУ ЖАНА ТЕКШЕРҮҮ

### ТАЛАПКЕРЛИККЕ К●РС●ТҮҮ

Президенттикке талапкерлер үч жол менен көрсөтүлө алат: өзүн-өзү көрсөтүү, бир жерде жашаган же иштеген 100 шайлоочудан кем эмес шайлоочулар чогулушу тарабынан же катталган саясий партия, шайлоочулар блогу тарабынан көрсөтүлүү. 22 талапкерден 10 талапкер шайлоочулар чогулуштары тарабынан көрсөтүлгөн, 9у - өзүн-өзү көрсөткөн жана 3 гана талапкер саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн. Беш көрсөтүлгөн талапкер формалдуу түрдө макулдугун берген жок, экөөсүнүн талапкерлиги жоюлган, ошондо, 26-майда 15 талапкер калган.

### КОЛДОРДУ ЧОГУЛТУУ

БШКга талапкер көрсөтүлүп жана анын ыйгарым укуктуу өкүлү катталгандан кийин, ар бир талапкер колдорду чогултуу иштерин баштоого укуктуу болот. Шайлоо кодекси боюнча БШК беш күндүн ичинде ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү каттоого тийиш. БШК ошол белгиленген күндөрдүн ичинде каттап жатты, бирок айрым көрсөтүлгөн талапкерлер башкаларга караганда БШК тарабынан кечирээк катталып жатты деп айрым көрсөтүлгөн талапкерлер даттанышты, демек аларга кол топтоого берилген убакыты ого бетер кыскарды[16]. Он үч талапкерликке көрсөтүлгөн адам кол топтоо иштерине киришти.

Сегиз талапкерлерликке көрсөтүлгөн адамдын бир шайлоочу бир эле адамга кол кое алат деген шайлоочулардын арасында таркатылган жалган маалымат тууралуу формалдуу даттануусун БШК колдогон жок. БШКнын төрагасы мындай проблема болгонун ачык мойнуна алды, бирок аны жөнгө салган, мисалы, ММКлар аркылуу ишке ашырылган натыйжалуу чаралар, кыязы, болбосо керек. Бир катар талапкерлерликке көрсөтүлгөн адам же алардын өкүлдөрү ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочуларына мындай маалыматты К.Бакиев үчүн кол топтогон адамдар таркатып жатты деп белдиришти[17], ошондой эле туура эмес маалыматты ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочуларына К.Бакиевдин шайлоо кампаниясынын аймактык лидери да жеке өзү билдирди.

Колтамгаларды текшерүүнүн биринчи этабын өткөрүү үчүн жыйналган колдорду ОШКларга тапшыруу мөөнөтү тууралуу тактык жок болду. БШКнын календардык планында аныкталган акыркы мөөнөт БШКнын жана ОШКлардын кызматкерлери 1-июль же 2-июль деп ар кандайча билдиришти,

---

16 Арыздар менен даттануулар тууралуу IX-бөлүмдү караңыз.

17 Кол топтогон адамдар туура эмес маалымат алып калганын же аларга атайын дезинформация берилгенин аныктоо мүмкүн эмес.

ошондой эле ОШКлар колтамгаларды тапшыруунун акыркы күнүн ар кандайча билдирип берип жатышты[18]. Натыйжада, талапкерликке көрсөтүлгөндөрдүн айрымдары кол коюу баракчаларын бере албай, айрымы укуктук жардам алуу үчүн сотко кайрылууга мажбур болушкан[19].

### КОЛТАМГАЛАРДЫ ТЕКШЕРҮҮ

Колтамгаларды текшерүү процесси ачык өттү, бирок бул процесске байкоо жүргүзүү үчүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн катышуусу төмөн болду. Ошону менен бирге, бул процесс бир нукта өткөрүлгөн жок. БШК УШКларга бардык колтамгаларды текшерүүгө же жөнөкөй иргеп алуу аркылуу текшерүүгө уруксат берди. УШКнын бардыгы акыркы ыкманы тандашты[20]. Бирок БШК жөнөкөй иргеп алуунун көлөмүн аныктаган эмес, натыйжада текшерилген колтамгалардын саны 10 пайыздан (Ысыккөл) 30 пайызга чейин (Ош шаары жана Жалалабат) айырмаланды. Баткен ОШКсынан[21] тышкары бардык ОШКлар өзү тандап алган текшерүү көлөмүн бардык көрсөтүлгөн талапкерлерге бирдей колдонгондой көрүндү. ОШКлар бардык колтамгаларды БШКнын жумушчу тобуна мындан аркы текшерүү үчүн жөнөтүштү. Ар бир көрсөтүлгөн талапкер чогулткан колтамгалары боюнча, ОШКлар жарактуу деп ырастаган колтамгалардын жалпы санынын 2.2 пайызын БШК жөнөкөй иргеп алуу менен тандады.

Текшерүү процессинен кийин жалгыз Г. Ибрагимова 50,000 колтамга чогултуу босогосун ашпай калды. Борбордук шайлоо комиссиясы менен ОШКнын текшерүү процессинде 52,145 кол тамгадан 4,620 кол тамга жараксыз деп табылды. Ошого карабастан, Г.Ибрагимованын өкүлдөрү текшерүү процессине каршылыгын билдиришкен жок.

## B. ТИЛ БОЮНЧА ЭКЗАМЕН

Шайлоо кодекси боюнча ар бир талапкер кыргыз тили боюнча экзамен тапшыруусу керек. Экзамен БШКнын токтому жана парламенттин

---

18 Мисалы, Ысыккөл ОШКсы кол тамгаларды тапшыруунун акыркы мөөнөтүн 1-июль, саат 17.00 деп белгилеген, ал эми Нарын жана Жалалабат ОШКлары 2-июль, саат 00.00 деп белгилешкен.

19 Мисалы, Аманбай Сатыбаевдин ыйгарым укуктуу өкүлү колтамгаларды Нарын ОШКсына 2-июлда, саат 09:10до тапшырууга аракеттенген, бирок ОШК аларды алуудан баш тарткан. Гайша Ибрагимова 1-июнга 50,000 колтамгага бир аз жетпеген кол коюу баракчаларын тапшырып, бул иш боюнча БШКны сотко берген. 9-июнда Бишкек шаарынын Биринчи май соту анын пайдасына чечим алып, топтолгон колдорду тапшыруунун акыркы мөөнөтү 2-июнь деп таап, Бишкекте ал үчүн топтолгон колдор кабыл алынып, тиешелүү ОШК менен БШК тарабынан текшерилсин деген буйрук берген. Ошондой эле «Арыздар менен даттануулар» тууралуу IX-бөлүмдү караңыз.

20 БШКнын кол топтоо жана текшерүү боюнча токтому. Текшерүү 37 критерий боюнча өткөрүлөт. Колтамгаларды жараксыз деп табуунун негизги себептери - башка адамдар тарабынан коюлган котамгалар, кол коюучунун дареги менен аты-жөнүнүн жоктугу, колун койгон 18 жашка 2005-жылы чыккан адамдын толук төрөлгөн күнүнүн датасынын жоктугу жана 18 жашка чыга элек адамдардын кол коюушу.

21 ЕККУ/ДИАУБ ШБМга берилген маалыматтар боюнча, Баткен ОШКсы колтамгалардын 25 пайызы текшерилет деп чечкен, бирок иш жүзүндө Г.Ибрагимова, Шарипов менен Т.Үмөталиевадан түшкөн колтамгалардын 23 пайызын, жана Ж.Жекшеевден түшкөн колтамгалардын 28 пайызын текшерген.

жактыруусу менен түзүлгөн Тил боюнча комиссия (ТК) тарабынан өткөрүлдү. БШКнын токтому боюнча бардык талапкерлер каттоо документтери тапшырылгандан кийин 10 күндөн кеч эмес экзамен бериш керек жана ар бир талапкердин экзамен берүүсү Мамлекеттик телеканалдан көрсөтүлүш керек. Тил боюнча экзамен 7-майга пландаштырылган, бирок «түз телекөрсөтүүнү алып барууда техникалык себептер пайда болуп, тил боюнча экзамен кийинкиге калтырылды». Бул ошол күнү экзамен бере турган адамдар тарабынан сынга алынды". Кийинирээк БШК экзамен өткөрүү боюнча 10 күндүк мөөнөттү «каттоонун аягына чейин» жылдырып, экзамендер 14-майдан 4-июнга чейин өткөрүлдү.

ШБМ жолуккан айрым талапкерлер тил боюнча экзамендин киргизилишин же аны өткөрүү жолун сынга алышты. Тил боюнча экзамен үч бөлүктөн турду: жазуу, сүйлөө жана окуу. Комиссиянын бардык мүчөлөрү талапкерлердин тил боюнча билими тууралуу элдин алдында комментарийлерин беришти.

Экзамендин эрежелерине байланышкан маселелер талапкер д-р Жеңишбек Назаралиев экзамен берип жатканда аныкталды. ТКнын сегиз мүчөсүнүн добуштары тең бөлүндү. Түзүлгөн аргасыз абал д-р Назаралиев талапкерлигин көрсөтүүдөн баш тарткандан кийин чечилди. Мындай абалды алдын алуу үчүн БШК эрежелерине өзгөртүүлөрдү киргизди. Көрсөтүлгөн 12 талапкердин бардыгы экзаменди ийгиликтүү өттү. Алар тиешелүү көлөмдө кол топтой албай калганы түшүнүктүү болсо да, эки талапкерге, Назырбек Нишановго жана Аманбай Сатыбаевге тил боюнча экзаменди 4-июлда өтүүгө уруксат берилген. Бирок ошондой эле кырдаалда болгон Кубанычбек Апасовго мындай мүмкүнчүлүк берилген жок.

Тил боюнча экзаменди өткөрүү бир да көрсөтүлгөн талапкердин катталбай калышына алып келбесе да, бул экзамендин бар болгону айрым адамдарды талапкерлигин көрсөтүүдөн баш тартууга ынандырганы мүмкүн. Жогоруда белгилегендей, болочоктогу талапкерлерден тил боюнча экзамен берүү тууралуу талапты кайрадан карап чыгууну ЕККУ/ДИАУБ мурун сунуштаган.

## C. КАТТОО

БШК 7 талапкерди каттады: беш талапкерди 11-июнда (Турсунбай Баакир уулу, Кеңешбек Дүйшебаев, Жыпар Жекшеев, Жусупбек Шарипов жана Токтайым Үмөталиева) жана эки талапкерди 13-июнда (Акбаралы Айтикеев жана Курманбек Бакиев). К.Дүйшебаев жана Ж.Жекшеев саясий партиялардан көрсөтүлгөн, калгандары өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде же шайлоочулар топтору тарабынан көрсөтүлүшкөн. Ж.Шарипов талапкерликтен 23-июнда баш тартты.

11- жана 13-июнда өткөн БШКнын жыйындарындагы талкуулалардан кийин, Урматбек Барыктабасов Казакстандын жараны деген себеп менен талапкер катары катталган жок. БШК муну Казакстандын бийлигинен алынган

документтер менен далилдеди. У.Барыктабасовдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрү бул маалыматты төгүндөштү[22]. 13-июнда БШК тиешелүү санда кол топтобогон талапкерлерди каттоодон расмий түрдө баш тартты.

## VII. ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ КАМПАНИЯ

Жалпысынан талапкерлер шайлоо алдындагы кампанияларын тоскоолсүз өткөрүүгө мүмкүнчүлүк алышты, алардын үгүт иштери каржылоо булактары менен гана чектелди[23]. Кампания учурунда чогулуштар жана сөз эркиндиктери сакталды, бирок БШК үгүт материалдар жөнүндөгү эрежелерди бардыгына карата толугу менен бирдей колдонбой, талапкерлердин бирөөсүнүн шайлоо алдындагы кампаниясына бир аз тоскоолдук түздү. 6-июнда президенттин милдетин аткаруучу К.Бакиев телекөрсөтүү аркылуу билдирүү жасап, анын пайдасына административдик ресурстардын колдонушуна уруксат берилбегени тууралуу жана бул талапты аткарбаган мамлекеттик кызматкерлер ага «терс кызмат» көрсөтөөрүн белгилеген. Анын бул позициясы 18-июндагы президенттин жарлыгында дагы бир жолу кайталанып, бардык деңгээлдеги мамлекеттик администрациялардан шайлоо процессине кийлигишпөөсү талап кылынды, ал эми БШКга Шайлоо кодексин ылгап колдонуудан баш тартуу сунушталды.

Шайлоо алдындагы кырдаалга 17-июнда болгон окуялар таасир этти: бир нече жүз адам У.Барыктабасовдун катталбай калышына наразылык көрсөтүп, кыска мөөнөткө Өкмөт үйүн басып алып, атайын милиция тарабынан чыгарылып, шаардын борборунан таркатылган. Ошол эле күнү кийинчээрэк, президенттин милдетин аткаруучу К.Бакиев ММКлар аркылуу кеңири таратылган билдирүү жасап, 17-июндагы окуялардын уюштуруучулары жаза тартат деп белгиледи. Ал 17-июлдагы окуяларды мурунку күндөн тартып Премьер-министрдин милдетин аткаруучу катары иштебегендиги менен байланыштырды жана ошого байланыштуу кызматтан кетүү тууралуу чечимин жоюп жатканын билдирди. Бирок эмдиги күнү ал мурунку чечими сакталгандыгы тууралуу билдирүү жасады[24].

---

22 Башка өлкөнүн жарандыгы Шайлоо кодексинде каттодон баш тартууга негиз катары каралбайт, бирок башка өлкөнүн жарандыгын жашыруу каттоосун жоуюп салуунун себеби долду деп айтылууда. Кыргызстан кош жарандуулукту таанıбайт, бирок кыргыз жаранынын кош жарандуулугуна чыдамдуулук менен мамиле кылынгандай байкалат. Ошондой эле IX «Арыздар жана даттануулар» бөлүмүн караңыз.

23 Айрым талапкерлер шайлоо кампанияларына тоскоолдук кылынды деп даттанышты, мисалы Жалалабатта плакаттарды алып салуу (Т.Баакир уулу), Таласта үгүтчүлөргө кол салуу (Т.Үмөталиева), Ошто таксилерден баракчаларды алып салуу (Ж.Жекшеев) учурлары болду деп алар айткaны менен, алардын арыздары ЕККУ/ДИАУБ ШБМ тарабынан ырасталган жок. Талапкерлер бул тууралуу арыздарын беришкен жок.

24 Мыйзам президенттик талапкерлерден шайлоо алдындагы кампания учурунда мамлекеттик кызматын таштоону талап кылат, бирок бул жобо Премьер-министрди камтыбайт, Президентитин милдетин аткаруучу да киргизилген эмес. К.Бакиев премьер-министрдин милдетин аткаруучу катары кызматтан кетүүсү менен бирге, Т.Бакир уулу да убактылуу Улуттук

17-июндагы окуянын негизги натыйжасы – К.Бакиев менен Ф.Куловдун тандеминин бекемдиги байкалды. 18-июнда алар биргелешкен билдирүү жасап, алардын май айындагы келишиминин бекемдигин дагы бир жолу белгилей кетишти; 20-июнда Ф.Кулов К.Бакиевдин шайлоо алдындагы кампаниясына катышуу максатында биринчи вице-премьер-министрлик кызмат ордун таштаганын билдирди.

Бийлик У.Баркытабасов жетектеген «Мекеним Кыргызстан» коомдук ассоциациясын 17-июндагы наразылык акцияларын уюштурганы үчүн айыптады. Өлкө боюнча "Мекеним Кыргызстандын» офистеринде тинтүү өткөрүп жаап коюшту. Конституциялык тартипти күч менен өзгөртүүгө аракеттенди деген айып боюнча У.Баркытабасовду камакка алуу тууралуу ордер берилген. 17-июндагы окуялар жана алардын кесепеттери, ошондой эле шайлоо кампаниялардын башталышынын астында орун алган саясатчылар же алар менен байланышта болгон адамдарды катыштырган үч олуттуу зомбулук шайлоо алдындагы учурда ырбап турган коопсуздук кырдаалына салым болду[25].

Конституциялык реформаны колдоону илгерилетүү максатында парламент президенттикке талапкерлерди Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө долбоорду колдоого чакырды. Парламенттин жана Конституциялык кеңешменин төрагасы Өмүрбек Текебаевдин демилгеси менен мындай колдоону парламенттин имаратынан берилген телекайрылуу жана милдеттенмеге кол коюу аркылуу көрсөтүү керек болчу. Бул чечимди кабыл алганда, эгер талапкерлерлер Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө долбоорго колдоосун билдирбесе, Парламент президенттик шайлоону 2005-жылдын күзүнө калтыруу суроосун талкуулоону сунуштаган. Т.Үмөталиевадан башка талапкерледин бары бул милдеттенмеге кол койюшту[26].

К.Бакиевдин шайлоо алдындагы кампаниясы ресурстар менен абдан жакшы камсыздалып, өнүккөн инфраструктурасы жана жогорку көрүнүктүүлүгү менен башка беш атаандаштын кампанияларынан айкын айырмаланып турду. Анын кампаниясы жакшы уюштурулган жана адам көп келген чогулуштарды,

адам укуктары боюнча акыйкатчы катары постунан кетти. Мыйзам бейөкмөт уюмдардын лидерлерине колдонбосо, Т.Үмөталиева дагы да ӨЭУ жана КЭУ ассоциациясынын төрайымы катары постунан убактылуу кетти.

25 Парламенттин депутаты Жыргалбек Сурабалдиев Бишкектин борборунда белгисиз адам тарабынан 10-июльда атылып өлтүрүлгөн. Парламент мүчөсү, ишкер жана президенттикке талапкерлигин алып салган Баяман Эркинбаев менен тирешүүнүн негизинде 9-июлда 150гө жакын адам Ош облусунун Карасуу шаарындагы базарга кол салган. 13-июнда Ош шаарында Б.Эркинбаевге каршы наразылык акциясына чыккан адамдар анын мейманканасынын жанында анын кызматкерлери менен кармашып, натыйжада беш адамга ок чыгарылып, бирөөсү каза болгон.

26 Т.Үмөталиева бул толуктоолор элдин кызыкчылыктарын колдобой, парламенттин пайдасы үчүн түзүлгөн деп билдирди.

баракчаларды, рекламалык щиттерди, телерекламаларды камтыды. Мамлекеттин башчысынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча мыйзам жобосун колдонуп, К.Бакиев шайлоо кампаниясын өткөрүүдө мамлекеттик унааларды колдонду, бирок өлкөнүн айрым жерлерине баруу үчүн өкмөттүн вертолетун колдонуу, атаандаштарына салыштырганда, шайлоочуларга жетүүдө ага бир топ артыкчылык берди.

Башка талапкерлердин кампаниясы көрүнүктүү болгон жок, алардын регионалдык штабдарынын инфраструктураларынын негиздери гана бар болду же такыр жок болду. Башка талапкерлер башынан эле БШК бекиткен графиктин негизинде ОШК тарабынан уюштурулуп, РШК/ШШКлар тарабынан өткөрүлгөн жалпы чогулуштарга ишеништи. ШБМ белгилегендей, баштапкы стадияда чогулуштарга эл жакшы катышып, беш талапкер тең келип турду. Бирок шайлоо күнү жакындаган сайын элдин кызыгуусу азайып, ошондой эле талапкерлердин да катышуусу начарлады. Бул чогулуштарды уюштурууда айрым маселелер да болду[27].

23-июлда милиция Т.Бакир уулунун «Хизб ут-Тахрир» радикалдык ислам тобу менен байланышынын далилдеринин издоо аракетинде, талапкердин Ош облусундагы эки шайлоо штабында тинтүү жүргүздү. Т. Бакир уулунун шайлоо штабы тинтүү анын кампаниясына жана аброюна терс таасир этиши мүмкүн деп расмий түрдө нааразылык билдирди.[28]

Бардык басылган үгүт материалдар БШКнын жумушчу тобуна тапшырылып, шайлоо үгүт эрежелери бузулбаганы текшерилет. Бакир уулу тапшырган материалдарга жумушчу топ өзгөртүү киргизүүнү, мисалы, талапкердин Борбордук Азиянын муфтийи менен түшкөн сүрөтүн алып салууну сунуштап, шайлоо материалдарынын басылышын кечиктирди. Жумушчу топтун Т.Бакир уулуна жана К.Бакиевге карата мамилеси бирдей болгон жок, анткени акыркы талапкер тапшырган үгүт материалдарына киргизилген 15-июндагы үгүт гезитиндеги К.Бакиевдин Россиянын муфтийи менен түшкөн сүрөтү тууралуу кыршылык болгон жок. Ошого карабастан, 28-июнда жумушчу топ К.Бакиевдин плакаттарындагы үгүт материалдары жөнүндөгү маалымат туура берилбегендигин белгиледи. Жумушчу топтун экинчи эксертүүсүнөн кийин К.Бакиевдин штабы плакаттарды оңдоп, аларды добуш берүү күндүн астында алып салды.

---

[27] 28-июнда Таш-Көммүргө (Жалалабат облусу) мырза Айтикеев, Бакир уулу жана Жекшеев жамааттын чогулушуна келгенде ШШКнын төрагасы менен мэр бул чогулуш пландаштырылганын билген эмеспиз деп айтышты. Талапкерлердин айтымында, Майлы-Суу шаарындагы чогулуш да бир күн мурун ошол эле себеп менен өтпөй калган. Жалалабат администрациясынын уюштуруу каталарын БШК сынга алган.

[28] 2005-жылдын 25-июнунда кол коюлган катты Т.Бакир уулунун түштүк регионалдык штабынын төрагасы мырза Бакир Башкы прокурорго, Ички иштер министринин милдетин аткаруучуга ж.б. жиберген.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин байкоочулары белгилегендей, К.Бакиевдин плакаттары менен башка үгүт материалдары Шайлоо кодексин бузуп, 20 УШКнын имаратында шайлоо күндүн астында илинип турган. Андан башка мамлекеттик бийлик менен шайлоо комиссиялар тарабынан талапкерлерге бирдей эмес мамиле кылуу белгилери жок болду.

# VIII. МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ

## A. ММКЛАР ТАРМАГЫНДАГЫ КЫРДААЛ

Президент Акаевдин марттагы отставкасынан кийин, ММКлар тармагындагы кырдаал өзгөрдү. Мурун альтернативдүү маалымат булактары, өзгөчө көзкарандысыз телекөрсөтүү каналдары жок болуп, ММКларга басым көрсөтүү учурлары тууралуу айтылып келген. Каржылоонун аздыгы жана журнализмдин профессионалдык чектелүүсү сыяктуу структуралык кыйынчылыктар калса да, басмасөз чөйрөсүн жакшыртуу боюнча айрым процесстер орун алды.

Юстиция министрлигинин маалыматы боюнча, өлкөдө 1,300 массалык маалымат каражаты катталган, бирок иш жүзүндө алардын теңинен азы иштейт. Жалпысынан, жарандардын ММКларга жетүүсү, өзгөчө баш калаадан тышкары жерлерде кыйла чектелгендей көрүнөт. Мамлекеттик бюджеттен каржыланган КТР (Кыргыз теле-радио корпорациясы) аймактын дээрлик бардыгын камтып, маалыматтын негизги булагы болуп эсептелет. Шайлоонун алдында мамлекеттин карамагындагы «Кыргыз Телеком» мамлекеттик сигналды ала албаган дээрлик бардык алыскы жерлерди тиешелүү жабдуулар менен камсыз кылды. 1-июлда Транспорт жана коммуникациялар министрлиги мамлекеттик радиоберүүнү кеңейтүү боюнча ошол сыяктуу долбоор тууралуу билдирген.

Айыл жергесинде гезиттер чектелүү нускада сатылат же такыр эле жок. Эң көп нускада сатылган гезиттерге мамлекет тарабынан каржыланган үч басылма— «Слово Кыргызстана», «Кыргыз Туусу» жана «Эркин Тоо» гезиттери кирет. Өлкөдө жалгыз күндөлүк гезит– «Вечерний Бишкек» жана жакындан бери – бийликти сындаган «Агым» гезити бар.

Март окуяларынан кийин ММКлардын эң жүйөөлүү проблемасы – мамлекеттик ММКлардын редакция тобунун саясий таасирге дуушар болуусунун жогорку деңгээли жарандык коом тарабынан кескин сынга алынып, ошол кездеги бийликтин приоритеттеринин бири болду. Натыйжада, коомдук ММКлардын ишмердүүлүгүн, теле көрсөтүү жана радионун жалпы шарттарын жөнгө салган заманбап жана ачык мыйзамды киргизүү максатында ММКларды реформалоо боюнча демилгелер көтөрүлгөн. Алардын ичинде кеңири өкүлчүлүк менен түзүлгөн башкаруусу бар коомдук теле-каналын түзүү жана мамлекеттик гезиттердин субсидиялоосун токтотуу боюнча сунуштар

болду. Мамлекеттик гезиттерди реформалоо[29] үчүн жумушчу топтун түзүлүшү, бейөкмөт уюмдар тарабынан түзүлүп, эл жакшы катышкан Медиа-Форумдун[30] пайда болушу, «Теле-радио берүү жөнүндө» мыйзам долбоору парламенттик комитетте талкууланышы багыттагы негизги кадамдар болду.

Жаңы «НТС» телеканалы мартта ишке кирди жана көп ММКлар өзүлөрүнүн редкаторлук саясатын өзгөртө башташты. 20-июнда көзкарандысыз «Канал 31» казак теле-компаниясы Кыргызстандын «НБТ» каналын сатып алганы тууралуу билдирди.

## B. ММКЛАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

Массалык маалымат каражаттар чөйрөсү ар түрдүү мыйзамдар тарабынан жөнгө салынууда[31]. КР Шайлоо кодекси ММКлар аркылуу шайлоо алдындагы кампанияларды өткөрүүнүн негизги базасы болууда. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-статьясы ар бир адамга өз ой-пикирин билдирүүгө, маалымат чогултууга, ар түрдүү ыкмалар менен таркатууга кепилдик берет жана цензурага тыюу салат. Ошону менен бирге, Кылмыш жаза колдексинин 127- жана 128-статьяларында жаманаттуу кылуу, арнамысына доо келтирүү үчүн жоболор каралган, ал эми ММКларда жана жарандык коомдо аларды алып таштоо тууралуу талкуулар жана демилгелер уланууда. Журналисттердин профессионалдык ишмердүүлүгү жөнүндө мыйзамдын 7-статьясында айтылгандай, журналисттер объективдүү маалымат берүүгө тийиш.

Шайлоо кодексине ылайык, талапкерлердин баары саясий платформасын элге жеткирүү үчүн мамлекеттик ММКларда акысыз эфирдик убакыт жана басма аянт алууга укуктуу. Талапкерлердин роликтерин, билдирүүлөрүн, дебаттарын чагылдыруу үчүн БШК мамлекет тарабынан каржыланган КТРдин акысыз эфирдик убакыты менен басма аянтын чучукулак камоо аркылуу бөлүштүрөт. Т.Бакир уулу менен Ж.Жекшеев гана ушул бардык фомраттарын колдонсо, бардык талапкерлер шайлоо кампаниясынын акыркы жумасында эфирге чыгып, ар бири эки талапкерди бириктирген үч дебатка катышты[32]. Ошону менен бирге, эки талапкер, алардын ичинде президенттин милдетин аткаруучу К.Бакиев, 8 июлга, планга кошумча, дайындалган акыркы жалпы дебатка катышкан жок. Ошентип, шайлоочулар бардык талапкерлердин пикирин угуу жана башка талапкерлер К.Бакиевге анын президент катары ишмердүүлүгү тууралуу суроолорун жана комментарийлерин түз берүү мүмкүнчүлүгүн

---

[29] Жумушчу топ 25-майда президенттин милдетин аткаруучу К.Бакиевдин жарлыгы менен түзүлүп, ага саясатчылар, мамлекеттик кызматкерлер, мамлекеттик ММКлар жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнөн турган 13 мүчө кирди.

[30] Интерньюс, СОРОС Фонду жана ИСАИД тарабынан 31-майда түзүлгөн.

[31] КР «Массалык маалымат каражаттар жөнүндө» мыйзамы (1992), КР «Журналисттердин профессионалдык ишмердүүлүгү жөнүндө» мыйзамы (1997-ж.), КР «Административдик жаза чаралары жөнүндө «мыйзамы (1998-ж.).

[32] Ж.Жекшеев Т.Үмөталиева менен, Бакир уулу Дүйшебаев менен, Айтикеев Бакиев менен.

жоготушту.

КТР жалпысынан талапкерлерге акысыз убакыт берүү, БШКнын маалымат программаларын жана тил боюнча экзаменди эфирде түз көрсөтүү боюнча укуктук талаптарды аткарды.

Шайлоо кодексинин 31-статьясынын 3-пунктунда шайлоо башталгандан тартып коомдук пикирди сурамжылоого тыюу салган чектөө жобосу дагы эле бар. НБТ жеке телеканалы телефон чалып талапкерлерди колдоо тууралуу өткөрүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктарын 27-июндан тартып төрт күн эфирде берип турду. Сурамжылоо БШК телефон аркылуу эскертүү бергенден кийин токтотулган.

## C. ММКЛАРГА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ алты телеканалдын[33] прайм-тайм программаларына, эки радиостанциянын эртең мененки жаңылыктарына[34], жана кыргыз менен орус тилиндеги он эки гезитинине[35] сан жана сапат жагынан анализ өткөрүү аркылуу мониторинг өткөрдү. Мониторинг 26-майда башталып, өзгөчө көңүл 14-июнда башталган расмий шайлоо кампанияларына бурулду. ШБМ ММКлар атаандаш талапкерлерди бейтарап жана тең салмактуу чагылдырганын, ошондой эле саясий жана шайлоо чөйрөсүнүн башка аспектилерин баамдоону көздөдү.

КР шайлоо мыйзамдарында расмий шайлоо кампаниясы өтүп жаткан мезгилде элетрондук жана басма ММКлардын ишмердүүлүгүн жөнгө салган жоболор бар болгону менен, атаандаштар жана үгүт иштери жөнүндө алардын атынан маалымат берүүдө ММКлардын ролу түшүнүксүз бойдон калууда. БШК Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасы (БУУ ӨП) менен биргелешип журналисттердин конкурсу аркылуу ММКлардын шайлоо кампанияларды чагылдыруусун жандандырууга аракет кылды, бирок БШКнын атаандаштар жана үгүт иштери жөнүндө алардын атынан маалымат берүүдөгү ММКлардын ролу тууралуу чектөө койгон талкуулоосу аларды комментарий берүүдөн жана критикалык анализ өткөрүүдөн тартынууга мажбур кылды деген ойду пайда кылат.

Шайлоо жаңылыктарын чагылдыруу жалпысынан улуттук да, регионалдык ММКларда да кыйла маанилүү болгон жок. ШБМ мониторинг өткөргөн ММКлардын көбүнчөсү К.Бакиевдин аракеттерин абдан кеңири, негизинен аны талапкер катары эмес, президенттин милдетин аткаруучу сапатында чагылдырып жатышты. Жалпысынан көбүнчө ММКлар, ошондой эле мамлекеттик ММКлар тарабынан К.Бакиевге бурулган көңүл өлкөнүн

33 *КТР, КООРТ, НБТ, НТС, «Пирамида» жана Ош ТВ.*
34 Радио КТР жана «Азаттык» радиосу
35 *«Аалам», «Агым», «Аргументы и факты», «Дело Номер», «Эркин Тоо», «Комсомольская првада», «Кыргыз Руху», «Кыргыз Туусу», «МСН», «ResPublica», «Слово Кыргызстана», «Вечерний Бишкек».*

башчысынын милдетин аткаруучу ролуна тиешелүү түрдө бериле турган көңүлдөн кыйла жогору болду.
Акысыз эфир убакытын эске албаганда, мамлекеттик теле жана радио-каналдар расмий шайлоо кампаниясы учурунда өзүлөрүнүн талапкерлер тууралуу жаңылыктарынын 83 жана 85 пайызын К.Бакиевге арнап, алар бейтарап жана позитивдүү мүнөздүү болду[36]. Шайлоого бир жума калганда мамлекеттик телеканалда эки атайын программа чыгып, анда жакында өткөн саясий өзгөрүүлөрдөгү жана Кыргызстандын өнүгүүсүндөгү К.Бакиевдин жеке салымы белгиленген[37].

Жеке электрондук ММКлар ошондой эле мамиле кылып, К.Бакиевге талапкерлер тууралуу жаңылыктарынын кыйла бөлүгүн арнашты. Мисалы, НБТ менен «Пирамида» талапкерлер тууралуу жаңылыктарынын 84 жана 81 пайызын К.Бакиевге арнап, алар позитивдүү жана нейтралдуу мүнөздүү болду. *КООРТ менен «Azattyk»* радиосу К.Бакиев жөнүндө бир аз сын пикирин беришти, ошого карабастан аны мүнөздөө дээрлик нейтралдуу жана позитивдүү болуп, бул эки ММКнын талапкерлер тууралуу жаңылыктарынын 75% жана 72% камтыды[38].

Башка талапкерлерди чагылдыруу жактан чектелүү болгондугуна карабастан, алар электрондук ММКларда теледебаттар, акысыз убакытынын башка түрлөрүн пайдалануу, акчага реклама берүү аркылуу чагылдырылып жатышты.

Басмасөз ММКлар маалыматты кеңири түрдө чагылдырса да, алардын көбүнчөсү да тең салмактуулукту сактаган жок. Президенттин милдетин аткаруучуга басмасөз аянт жана маалыматтардын тону жагынан артыкчылык берилди, ал эми башкаларды чагылдыруу аз болду. Үч мамлекеттик гезит К.Бакиевге артыкчылык мамиле кылып, талапкерлер тууралуу жаңылыктарынын 90дон ашуун пайызын (негизинен нейралдуу жана позитивдүү) ага арнашты[39]. «*Аргументы и Факты»* орус тилиндеги жумалык гезити атаандаштарга тең салмактуу мамиле кылганы менен, анын таасири гезиттин нускасынын аздыгына байланыштуу чектелүү болду.

Парламенттин ишмердүүлүгүн чагылдыруунун көлөмү далилдегендей, бир катар ММКлар саясий аренанын башка аспектилерин көрсөтүүгө кызыгуусун көрсөттү. Айрым ММКларда президенттик талапкерлерге караганда парламенттин ишмердүүлүгүн көп чагылдырып жатышты. Мамлекеттик телеканал тарабынан март окуяларынан кийин парламенттин ишин, башка

---

36 К.Бакиевди президенттин милдетин аткаруучу катары жаңылыктарда чагылдыруу мамлекеттик ММКлардын жалпы чагылдыруусунун 60 пайызын түздү, жана мамлекеттик радионун чагылдыруусунун 52 пайызын түздү.

37 Эки программа: "Жаңы өкмөт, жаңы демилгелер" жана "Чындыктын татаал жолу»".

38 К.Бакиевди президенттин милдетин аткаруучу катары жаңылыктарда чагылдыруу жалпы чагылдыруунун 51 пайызын «НБТда», 64 пайыз «Пирамидада», жана 32 пайыз «КООРТто» жана 32 пайыз «Азаттык» радиосунда түздү.

39 К.Бакиевди президенттин милдетин аткаруучу катары жаңылыктарда чагылдыруу бардык үч мамлекеттик гезиттин жалпы чагылдыруусунун 70 пайызын түздү.

саясий жана социалдык суроолорду талкуулоо үчүн бир нече программаны киргизүүсү жакшы көрүнүш болду[40].

Добуш берүүгө 24 саат калганда үгүт иштерин токтотуу боюнча тыюуну ММКлар тарабынан бузуу байкалган жок.

## IX. АРЫЗДАР ЖАНА ДАТТАНУУЛАР

Шайлоо кодексинде жоопкерликтин бирдиктүү иерархиялык структурасы бар айкын арыздануу жана даттануу процесси аныкталбайт. Фрагменттелген система укуктук жардам алуунун көп жолдорун, алардын ичинде шайлоо комиссияларды, сотторду жана прокуратураны сунуштайт. Шайлоо комиссияларынын чечимдери, аракеттери же аракетсиздиги жөнүндө же жогорку шайлоо комиссиясына же райондук сотко даттанса болот. Төмөнкү деңгээлдеги соттордун чечими тууралуу Жогорку сотко даттануу мүмкүн. Эгер арыз сотко берилсе, арызды алган жогорку деңгээлдеги комиссия аны кароону соттун чечими күчүнө кирмейинче токтотот. Прокуратура шайлоо процессинин мыйзамдуулугуна көзөмөл жүргүзүүгө жооптуу. Прокуратура менен тартип коргоо органдары шайлоонун катышуучуларынын арыздарын үч күндүн ичинде карап бериши керек. Шайлоого бир күн калганда же шайлоо күнү алар токтоосуз жооп бериш керек.

Парламенттик шайлоодон кийин калган суроолор, ошондой эле ошол кезде өтүп жаткан сот процесстери арыздарды сотто кароо кырдаалына таасирин тийгизип жатты. Жогорку сотту басып алышып, ал бир нече жума, 13-июлга чейин иштебей калган. Чогулуп калган иштер президенттик шайлоого байланыштуу арыздарды шашылыш чечүүгө мүмкүнчүлүк берген жок сыяктанат. Эки учурда Жогорку сот Шайлоо кодексин бузуп[41], президенттик талапкерлерди каттоо боюнча иштерди арыз түшкөндөн кийин 5 күн өтүп карады. Иштерди кечигип кароо шайлоо процессине терс таасирин тийгизет, өзгөчө бардык мөөнөттөр кыскартылып шашылыш түрдө мөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүлүп жаткан учурда; ошондой эле мындай кемчиликтер сот системасына болгон ишенимди арттырууга салымын кошпойт. Соттордун арыздарды кароо мамилесинде формалдуулуктун элементи бар болду, бирок айрым учурларда доочулардын өкүлдөрүнүн юридикалык негиздөөлөрү начар болуп жатты.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ соттордун шайлоого байланыштуу доолорду кароодо саясий мүнөздүү чечим алуусун байкаган жок. Ошого карабастан, соттор менен БШК катталбай калышы тууралуу сотко кайрылган эки талапкерге – Г.Ибрагимова менен У.Барыктабасовго карата толугу менен тең салмактуу жана бирдиктүү мамиле кылбагандай сыяктанат.

---

[40] Мисалы, «Азаттык» радиосу менен бирге даярдалган «Ыңгайсыз суроолор» телекөрсөтүүсү.

[41] Шайлоо кодексинин 55-статьясынын 10-пункту. Г.Ибрагимованын Жогорку сотко арызы 14-июнда берилип, 22-июнда угулду. Сатыбаевдин арызы 23-июнда берилип, 30-июнда угулду.

БШК вебсайтында комиссияга түшкөн арыздардын анализин жайгаштырып турганы позитивдүү кадам болду. Бирок анализ дайым эле өз учурунда чыгып турбай, ушул маалымдуулук чаранын позитивдүү таасирин төмөндөттү.

## A. ТАЛАПКЕРЛЕРДИН КАТТООСУ ТУУРАЛУУ АРЫЗДАР МЕНЕН ДАТТАНУУЛАР

Жогоруда белгилегендей, БШК алты талапкерди каттабоо тууралуу формалдуу чечим кабыл алган. Алардын үчөөсү бул тууралуу сотко кайрылды.

Г.Ибрагимова колтамгалардын жетиштүү санын чогултуп, бирок аларды тапшыруунун акыркы мөөнөтүн комиссиялар туура эмес аныктагандыктан, аларды тиешелүү комиссияга бере албай калганын билдирди. Алар аныктаган акыркы мөөнөткө чейин ага бир аз эле колтамга жетпей калган[42], натыйжада Г.Ибрагимова Бишкек шаарынын Биринчи май сотуна арыз берген. 9-июнда колтамгаларды тапшыруунун акыркы мөөнөтү 2-июнь болчу жана кошумча колтамгалар Бишкек шаарынын шайлоо комиссиясына тапшырылсын деген чечим чыгарылган. Райондук соттун чечими колтамгаларды текшерүүсүнүн алгачкы этабына жоопту сегиз комиссияга эмес, Бишкек шаарынын шайлоо комиссиясына гана тиешелүү болгонун белгилеп кетүү зарыл.

Г.Ибрагимова кошумча колтамгаларды Бишкек шаарынын шайлоо комиссиясына тапшырды, бирок БШК деңгээлине чейин жеткен текшерүү процессинде 50,000[43] колтамгага жетпей калууга мүмкүндүк түзгөн колтамгалардын саны жараксыз деп табылган. Г.Ибрагимованын алгачкы сот чечиминин тайкылыгы тууралуу мындан аркы арызын жана каттадон баш тартууга алып келген бул чечим боюнча дагы бир арызын сот канааттандырган жок. Доочунун өкүлдөрүнүн юридикалык аргументтери алгачкы сот чечиминин тайкылыгына, ошондой эле эки арыздын тең сотто канааттандырылбай калышына себеп болгонун белгилеп кетүү зарыл.

У.Барыктабасов жетектеген «Мекеним Кыргызстан» коомдук ассоциациясы 14-июнда У.Барыктабасовду талапкер катары каттабоо тууралуу БШКнын чечими боюнча сотко арыз берди. Биринчи май соту 22-июнда У.Барыктабасов казак жарандыгын алып, кыргыз жарандыгын жоготту деген чечим кабыл алды. Бул чечимди Жогорку сот 30-июнда күчүндө калтырган. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ соттун чечиминин негиздүүлүгү тууралуу комментарий бере албайт, бирок ошону менен бирге, тиешелүү кыргыз бийлик органы керектүү документтерди Казакстандан ала элек, демек У.Барыктабасовдун кыргыз жарандыгын жоюу тууралуу чечимди да ала элек деген аргументтерге сот тиешелүү деңгээлде көңүл бурбай койгонсуйт, деп белгилегей кеткиси

42 БШКнын маалыматы боюнча, ошол мезгилде ал 48,000 колтамгадан бир аз көбүрөөк топтогон.

43 Г.Ибрагимова топтогон колдордун саны 47,525ке жетти. Бирок текшерүүдөн кийин 4,620 колтамга жараксыз деп табылган.

келет. Мыйзамдын бирдей колдонгону тууралуу суроолор пайда болууда, анткени сот чечим алганда, К.Апасовдун мындан мурун каралган ушул сыяктуу сот ишине көңүл бурган У.Барыктабасовдун аргументине, баа берген жок. Талапкерлерлигин көрсөткөн Апасовдун талапкер катары каттоо боюнча сотрудник процессинде Россия федерациясынын жарандыгы бар болгонуна карабастан, кыргыз жарандыгын сактап калды деген чечим чыгарылгын [44].

Талапкерлерлигин көрсөткөн Аманбай Сатыбаев БШКнын каттабоо тууралуу чечимин сотко берип, анын өкүлдөрү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан кеч катталып, керектүү санда колтамга топтой албай калышкан деп арызын негиздеген. 21-июнда сот анын арызын канааттандырбай койду, ошондой эле Жогорку сот да 30-июнда анын аппеляциясын кароодон баш тартты. Сотто айтылган А.Сатыбаевдин айрым аргументтеринин далилдик негиздери аз болгондой сезилди.

## B. ҮГҮТ ИШТЕРИ ЖАНА ММКЛАРГА БАЙЛАНЫШТУУ ДАТТАНУУЛАР

2005-жылдын 7-майында БШК шайлоо кампаниясына көзөмөл жүргүзүү үчүн жумушчу топ түздү. Жарандык тармактын өкүлдөрү менен БШКнын эки өкүлүн кошкондо ага 9 адам кирди. Иштөө мөөнөтүнүн аралыгында жумушчу топ 12 жыйын өткөрүп, 24 бөлөк суроону[45] карап чыкты, ошону менен бирге анын иштери, айрым аспектилеринде, натыйжалуу эмес болуп, ага түшкөн суроолор кечигип каралып жатты. Жумушчу топ мөөнөтүнөн мурда үгүт иштерин өткөрүүдөн тартып добуш сатып алуу сыяктуу ар түрдүү суроолорду карап чыкты. Жумушчу топтун вазийпалары шайлоо кампаниясында жана ММКларда шайлоо мыйзамынын сакталышына көзөмөл жүргүзүүнү камтыды; шайлоо кампаниясы учурунда бир нече даттануулар териштирилди, алардын ичинде үгүт иштерин эрте баштоо, айрым талапкерлердин ММКларга байланышкан үгүт материалдарынын маңызы боюнча үч арызын карады. Жооп катары Жумушчу топ төрт учурда айрым талапкерлерге эскертүү берди жана эки учурда ишти тартип коргоо органдарына мындан аркы иликтөө үчүн жиберди.

К.Бакиевдин үгүт иштеринин эрте өткөрүлүшү тууралуу Биринчи май райондук сотуна берилген талапкерликке көрсөтүлгөн Назарбек Нышановдун эки арызы кароого алынган эмес. Бул эки чечим боюнча Жогорку сотко аппеляциялар берилип, соттун чечимдери күчүндө калтырылган. Арыздын негизги маңызы – үгүт иштери баштала электе К.Бакиевдин шайлоо кампаниясы тарата баштаган баракчалар болду. Бул баракчалардын мөөнөттөн мурун таратылышы чынга окшосо да, сотто айтылган аргументтер начар жана далилсиз болду.

---

[44] 2005-жылдын 4-июнундагы Биринчи май райондук сотунун чечими.

[45] 2005-жылдын 13-июнундагы жыйында БШКдан алынган маалымат боюнча.

## C. БАШКА ДАТТАНУУЛАР

Вебсайтта жайгашкан арыздардын анализине ылайык, 9-июлга чейин БШКга 26 арыз жана даттануу түштү. Аларга жооп катары БШК өзүнүн түшүндүрмөлөрү менен тактоолорун жана бир учурда эскертүүсүн берди.[46] Бир эле талапкерди колдоп кол коюу мүмкүн деген шайлоочулардын арасында таркатылган туура эмес маалымат боюнча сегиз талапкерликке көрсөтүлгөн адам биригип берген расмий арызды БШК канааттандырган жок. БШКнын төрагасы бул проблема болгондугун мойнуна алса да, аны чечүү үчүн натыйжалуу чаралар алынган жоктой сезилет.

БШКнын маалыматы боюнча, шайлоо күнү өлкө боюнча 23 арыз түштү[47]. Алар ар түрдүү суроолорду, алардын ичинде шайлоочуларды шайлоо участкасына унаа менен мыйзамсыз алып келүү, байкоочулардын укуктарын бузуу, бармакка боек себүү эрежесин бузуу, шайлоочулардын тизмелерине байланышкан жана бюллетендерди урнага салып салуу сыяктуу проблемалар болду. Алардын көпчүлүгү төмөнкү шайлоо комиссиялары тарабынан БШКга мындан ары карап чыгуу үчүн жиберилген, айрым арыздардагы фактылар тиешелүү прокуратура органдары тарабынан текшерилип, негизсиз деп табылган. Бир учур боюнча тиешелүү УШКнын төрагасына эскертүү берилген. Жалпысынан, БШК бул арыздарда белгиленген бузуулар боюнча фактылар шайлоонун жыйынтыгын жараксыз деп таанууга негиз бербейт деген жыйынтык чыгарды.

Өлкөдө шайлоого байкоо жүргүзгөн алдынкы бейөкмөт уюмдардын бири, «Демократия жана жарандык коом үчүн» коалиция июндун аягында айрым соттор Шайлоо кодексинин жана жарандардын шайлоо укуктарынын бузулушу тууралуу шайлоочулардын арыздарын карабай жатты[48] деп билдирди.

## X. АЯЛДАРДЫН КАТЫШУУСУ

Алты талапкердин арасында бир аял болду – Т.Үмөталиева; Кыргызстанда биринчи жолу президенттик шайлоодо аял киши талапкер болуп чыкты. Дагы эки аялдын талапкерлиги көрсөтүлгөн, бирок алар кол топтоо/текшерүү стадиясынан өтпөй калышты. Талапкерлер катары катышкан аялдардын аздыгын аныктаган факторлордун арасында традициялык социалдык дөөлөттөр жана аялдарын керектүү каражатты чогултуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу сыяктуу талапкерликке катышууга коюлган бийик барьерлер болушу мүмкүн[49].

---

46 Мекеним-Кыргызстанга үгүт иштерин өткөрүү мөөнөтүн бузбоо тууралуу берилген эскертүү.

47 Бул арыздардын ону Ош шаарынын түштү.

48 «Демократия жана жарандык коом үчүн» коалициясынын 2005-жылдын 27-июлундагы билдирүүсү. Анда Кочкор менен Баткен райондук соттору боюнча мисалдар келтирилген.

49 ЕККУ/ДИАУБ мындай көрүнүштү 2005-жылдын февраль-мартындагы парламенттик шайлоодо байкаган, анда талапкерлердин 10 пайызы гана аял болгон.

Жогорку деңгээлдеги шайлоо комиссияларында аялдардын катышуусунун деңгээли жогору болгон жок. БШКнын 13 мүчөлөрүнүн арасында үч эле аял бар болуп, ОШКлардын 9 төрагаларынын арасында бир эле аял болду. РШК/ШШК (36 %) жана УШК (52 %) деңгээлиндеги шайлоо комиссияларында аялдардын катышуусу кыйла жогору болуп, ошондой эле УШКнын төрагаларынын 40 % аялдар болду. Шайлоо күнү төрага болгон аялдар менен шайлоо процессинин туура өтүүсүнүн байланышы байкалып турду[50].

## XI. АЗЧЫЛЫК УЛУТТАРДЫН КАТЫШУУСУ

Президенттикке талапкерлердин алтоосу тең кыргыз коомчулугунун көпчүлүгүнөн, Кыргызстандын калкынын үчтөн эки бөлүгүн түзгөн улуттан чыкты. Талапкерликке көрсөтүлгөндөр тил боюнча экзамен берүүгө тийиш болду.

Шайлоо учурунда улуттук азчылык маселесине байланышкан суроолор чыккан жок, бир да талапкер өлкөдөгү улуттук мамилелер тууралуу талаштуу же бөлүп-жарган билдирүүлөрдү жасаган жок. Тескерисинче, бардык талапкерлер өлкөнүн туруктуулугунда эң маанилүү рол ойногон улуттук гармония менен плюрализмге чакырышты.

Улуттук азчылыктар төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссияларына катышышты, бирок бардык эле жерлерде улуттук азчылыктардын өкүлчүлүгү тиешелүү деңгээлде көрсөтүлбөдү. Өзбек улутунун көп өкүлдөрү турган Ош облусунун айрым жерлеринде УШКлардын демилгеси менен шайлоо участкаларда өзбек тилинде да, кыргыз тилинде да инструкциялар илинип турду.

Талапкерлердин дебаттары Оштогу менчик телекөрсөтүү аркылуу өзбек тилинде көрсөтүлүп, бул улуттук топту шайлоо процессине тартууну илгерилетүүдө көрүнүктүү кадам болду.

## XII. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БАЙКООЧУЛАР

Шайлоого жарандык коомдун катышуусу активдүү болду, бейөкмөт уюмдар төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссияларына мүчөлөрдү көрсөтүп жана катышып жатышты, алар ошондой эле көрүнүктүү деңгээлде өткөн

---

[50] Аялдар төрагалык кылган УШКлардын ишине «жаман» жана «абдан жаман» баа байкоонун 4 пайызында берилди, ал эми эркектер төрагалык кылган УШКларда мындай баалар 8 пайызды түздү.

шайлоочуларды маалымдоо жана мобилизациялоо демилгелери боюнча кызматташып жатышты.

9-июнда жети бейөкмөт уюм биригип, «Мен адилет шайлоо үчүн» кампаниясын башташты. Бул кампаниянын негизги максаты Кыргызстандын бардык региондорунда шайлоого байкоо жүргүзүү, шайлоо процессинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу жана административдик ресурсту кыянат пайдаланууга каршы күрөшүү болду. Бул жети топтун бири, «Демократия жана жарандык коом үчүн» коалиция шайлоого эң кеңири байкоо жүргүздү: анын 150 узак мөөнөттүк байкоочусу жана 3,000ге жакын кыска мөөнөттүк байкоочусу 1,500 участкада шайлоо күнү байкоо жүргүздү. Бир нече учурда коалициянын байкоочуларына шайлоо участкаларда байкоо жүргүзүүгө тоскоолдук кылынганы тууралуу айтылды, бирок мындай маселелер чечилген окшойт, анткени бул топтон олуттуу арыз түшкөн жок.

Жалпысынан жергиликтүү байкоочулар ШБЭМ (шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча эларалык миссиясы) барган шайлоо участкалардын 87 пайызында болушту, ал эми добуш эсептөө учурунда – шайлоо участкалардын 93 пайызында болушту.

## XIII. ДОБУШ БЕРҮҮ ЖАНА ЭСЕПТӨӨ ПРОЦЕССТЕРИНЕ БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

### A. ДОБУШ БЕРҮҮ

ШБЭМдин байкоочулары барган шайлоо участкаларынын 93 пайызында[51] добуш берүү процесси «жакшы» жана «абдан жакшы» өттү деген баа беришти. Шайлоо участкалардын көбүрөөк пайызында байкалган проблемаларга төмөнкүлөр кирди:

- Ыйгарым укугу жок адамдар, алардын ичинде милиция өкүлдөрү шайлоо участкалардын 19 пайызында, ал эми добуш берүү учурунда -14 пайызында жүрүштү;
- Парламенттик шайлоонун алдында 2005-жылдын февраль-мартында киргизилген шайлоочулардын бармагына сыя себүү эрежеси байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкалардын 9 пайызында туруктуу аткарылып турбады. Бул проблема өзгөчө ОШ облусунда байкалды.
- Шайлоо участкасынын имаратынан тышкары добуш берүү байкоонун 43 пайызында тескери баа алды[52]. Тиешелүү коопсуздук чарарларды көрүү жана жашырын добуш эрежесин сактоо жагынан да каталар

[51] Байкоо ШБЭМ тарабынан өлкө боюнча 2,150 жакын шайлоо участкаларынын 1,300 шайлоо участкасында жүргүзүлдү.

[52] ШБЭМ шайлоо участкасынан тышкары добуш берүүгө 56 шайлоо участкасында байкоо жүргүздү.

болду. Шайлоо участкасынын имаратынан тышкары добуш берүү тууралуу алдын ала кайрылыш керек деген эреже кеминде эки жолу бузулганы байкалды.

Бир нече урурлар олуттуу тынчсыздануу туудурду. №10 Кара-Кулжа (Ош облусу) РШКсынын шайлоо участкасында добуш берүү жана добуш эсептөө учурунда бюллетендерди урнага салып коюунун белгиси байкалды[53]. Бюллетендерди урнага салып коюу аракети Сузак РШКнын (Жалалабат облусу) № 8 шайлоо участкасында түздөн-түз байкалган[54]. Ошондой эле Ноокат (Ош облусу) РШКсынын № 389 шайлоо участкасында бюллетендерди урнага салып коюу мүмкүндүгү байкалган - бир адамдан шайлоо участкасында бир топ бюллетень алынган.

УШК мүчөлөрү тарабынан атайын кылынган мыйзам бузуулар аз болсо да олуттуу болду[55]. Ошондой эле, шайлоочулардын чынга окшобогон санда добуш берүүгө келүүсү байкалган[56]. Ноокат РШКсынын 374 УШКсында ШБЭМдин байкоочулары шайлоочулар тизмесинин чоң бөлүктөрүндө бардыгы добуш берип койгондой бардык аттардын маңдайында коюлган колтамгаларды байкаган, бирок алар бир кол менен коюлгандай сезилген.

Шайлоочуларды шайлоо участкаларына ташып баруу жергиликтүү шайлоо органдары тарабынан уюштурулса уруксат этилет, бирок талапкерлердин атынан уюуштурууга жол берилбейт. Сузак РШКсынын № 20 шайлоо

---

53 Бюллетендердин топтолгон түрдө урнада пайда болушу аларды көп санда урнага салып коюунун далили болушу мүмкүн, алар кокустан топтолуп калгандай көрүнбөдү. Мындай учурлар ошондой эле Сокулук РШКсынын 268 участкасында, Жайыл РШКсынын 340 участкасында, Ысыккатa РШКсынын 87 участкасында (Чүй облусу), Аксуу РШКсынын 104 участкасында (Ысыккөл), Базаркоргон РШКсынын 157 участкасында жана Аксы РШКсынын 346 участкасында (Жалалабат), Араван РШКсынын 360 участкасында, Ноокат УШКсынын 375 участкасында, Каракулжа РШКсынын 2 участкасында, Өзгөн РШКсынын 63 участкасында, Ош ТШКсынын 300 участкасында (Ош облусу), Лейлек РШКсынын 8013 участкасында (Баткен облусу) байкалган.

54 Бул учур боюнча бир талапкердин байкоочусу менен сүйлөшүп алышкан окшойт деген шек болду. Мыйзам бузуучуну УШКнын мүчөсү жана жергиликтүү байкоочулар байкап калганда бир талапкердин байкоочусу бузуучуну кармап, милиция чакыруунун ордуна аны шайлоо участкасынан чыгарып салган.

55 Араван РШКсынын 351 УШКсында, Ноокат РШКсынын 384, 385 жана 427 УШКларында (бардыгы Ош Облусунда) УШК мүчөлөрү шайлоочуларга кимге добуш берүү тууралуу айтып жатканы байкалган. УШК бузууларга байкоочулар бар болгону үчүн гана жол берген жок деп төрт учурда байкоочуларга айтып беришти: Араван РШКсынын 359 УШКсынын, Кара- Кулжа РШКсынын 10 УШКсынын жана Карасуу РШКсынын 240 УШКсынын мүчөлөрү башкалардын ордуна добуш бергени жаткан шайлоочуларга эларалык байкоочулардын көзүнчө антсе болбойт деп айтып жатканын угушкан. Ленин РШКсынын 1008 УШКсы (Бишкек) ШБЭМдин байкоочулары ошол жерде болгондуктан шайлоочу мыйзамда көрсөтүлбөгөн документ менен добуш бере албайт деп түшүндүрдү. УШКнын мүчөсүнүн макулдугу менен бир адам тарабынан көп жолу добуш берүү Октябрь РШКсынын 1089 УШКсында (Бишкек) байкалган, ошондой эле аракет Ноокат РШКсынын 400 УШКсында байкалган. Ноокат РШКсынын 422 УШКсынын мүчөсү өзү үч жолу добуш бергени байкалган.

56 Лейлек РШКсынын 8013 УШКсы (Баткен) ШБЭМдин байкоочуларына берген цифралар көрсөткөндөй, түштө шайлоочулардын катышуусу кескин жогорулап, 50 мүнөттүн ичинде 630 шайлоочуга көбөйүп кетти, ал эми Карасуу РШКсныны 195 УШКсында 45 мүнөттүн ичинде 281 шайлоочу добуш бери жибериптир. БШК тарабынан жарыяланган чын сыяктанбаган шайлоочулардын катышуусу жана жыйынтыктар тизмесин А тиркемесинде караңыз

участкасындагы К.Бакиевдин өкүлү жана Кемин РШКнын (Чүй облусу) №5 шайлоо участкасынын төрагасы К.Бакиевдин шайлоо кампаниясы шайлоочуларды добуш берүүгө автобус менен алып келүүсүн уюштурганы жөнүндө ШБЭМдин байкоочуларына билдиришти. Карасуу РШКсынын 191 шайлоо участкасында шайлоочуларды алып келүү үчүн жергиликтүү администрация уюштурган автобуста К.Бакиевдин плакаты илинип турган.

ШБЭМдин байкоочулары билдиргендей, байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 99 пайызында шайлоочулар дайым же дээрлик дайым бюллетендерди урнага бүктөп салып жатышты. Бул феврал-март айларында өткөн Парламенттик шайлоого караганда жакшыруу болду. Ошол учурда тунук ящиктер киргизилип, шайлоочуларга бюллетендерин бүктөп салуу тууралуу маалымат берилбегендин кесепетинен, көп УШКлар боюнча добуштун жашырындыгы тууралуу тынчсыздануу пайда болгон.

## B. ДОБУШТАРДЫ ЭСЕПТӨӨ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАРДЫ ЧЫГАРУУ

Шайлоо күнүндөгү процесстер добуш эсептөө жана жыйынтыктарды чыгаруу этабында кандайдыр бир денгээлде начарлады. ШБЭМдин байкоочулары байкоо жүргүзгөн шайлоо участкаларынын 35 пайызында добуш эсептөө процессин «жаман» жана «абдан жаман» деп баалашты, мисалы, шайлоо участкалардын 10 пайызында шайлоочулар тизмелери менен протоколдорго туура эмес маалымат киргизүү проблемалары болду, бирок алар жыйынтыктарды бурмалап, бузууларга атайын баруудан эмес, УШКлардын мүчөлөрү тарабынан тиешелүү процедураларды билбей, жакшы даярдык албагандыгынан чыгып жаткансыйт.

Добуш эсептөөгө байкоо жүргүзүлгөн 101 учурунун 57синде, шайлоочулардын тандоосун катуу жарыялабоону кошкондо, ачыктыкты камсыз кылуу чараларын олуттуу бузуу учурлары болду. УШКлардын маанилүү саны протоколдорду толтурууда кыйынчылыктарга дуушар болду. Байкоо жүргүзүлгөн учурлардын 17 пайызында протоколдор сыя менен толтурулбай, айрымдары карандаш менен толтурулуп, башкалары жарым-жартылай же такыр толтурулбай, бирок колдор коюлуп РШК/ШШКларга тапшырылып жатты. [57]

Байкоо көрсөткөндөй, РШК/ШШКларга тапшырылгандан кийин алардын дээрлик үчтөн төрт бөлүгүндө (56дан 18) УШКлардын өкүлдөрү

[57] Протоколдорду карандаш менен толтуруу Карасуу РШКнын № 226 УШКсында жана Ош ТШКнын 311 УШКсында байкалган. Толтурулбаган же жарым-жартылай толтурулган протоколдор Аксы, Араван, Атбашы, Ысыккөл жана Кадамжай РШКлар тарабынан кабыл алынган

бюллетендерди санабай туруп, толтурулуп жана кол коюлган протоколдорго өзгөртүүлөрдү киргизишти.[58]

УШКлардын шайлоо жыйынтыктары боюнча протоколдор РШК/ШШКларда жыйынтыкталгандан кийин дароо БШКнын вебсайтында жарыяланып жатты. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары алган 87 протоколду Интернетте жарыяланган шайлоо участкаларынын жыйынтыктары менен салыштырып көрсө, алардын 39унда цифралардын эки тобунун ортосунда айырмалар болду, бирок талапкерлерге берилген добуштар боюнча айырмалар жок болуп чыкты. Чет өлкөлөрдө добуш берүүнүн жыйынтыктарын чагылдырган №1162 УШКнын (Бишкек, Биринчи май РШКсы) протоколу шайлоодон кийин дагы беш күн БШКнын интернет-баракчасына чыгарылган жок, ошондой эле БШК өзүнүн сайтында өлкө боюнча шайлоонун натыйжасын көрсөткөн жыйынтык протоколун жарыялаган жок.

## XIV. ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫН ЖАРЫЯЛОО

БШК шайлоо натыйжаларын 13-июлда расмий жарыялап, шайлоо натыйжасы боюнча протоколду Конституциялык соттун бекитүүсүнө 16-июлда жиберди. Добуш берүүгө шайлоочулардын 74.67 пайызы катышты деп айтылып, К.Бакиев добуштардын 88.71 пайызын алып, жеңүүчү болуп жарыяланды. Алты РШКда добуш берүүгө шайлоочулардын 90 пайызы келди, ошол райондордун 69 УШКсына добуш берүүгө шайлоочулардын 98 пайызы келди деп айтылды[59].

Талапкерлерге берилген добуштар төмөндөгүдөй болду : :

| | **Талапкердин аты-жөнү** | **Добуштардын саны** | **Пайызы** |
|---|---|---|---|
| 1. | Акбаралы Айтикеев | 72,604 | 3.62% |
| **2.** | **Курманбек Бакиев** | **1,776,156** | **88.71%** |
| 3. | Турсунбек Бакир уулу | 78,701 | 3.93% |
| 4. | Кеңешбек Дүйшебаев | 10,253 | 0.51% |
| 5. | Жыпар Жекшеев | 18,166 | 0.90% |
| 6. | Токтайым Үмөталиева | 10,445 | 0.52% |
| 7. | Талапкерлердин бардыгына каршы | 18,197 | 0.90% |

17,456 бюллетеньди УШК жараксыз деп тапты.

58 Туура эмес толтурулган протоколдорго өзгөртүүлөр бюллетеньдерди эсептөөсүз Аксы, Майлуу-Суу, Ысcык-Ата, Ноокат, Өзгөн, Кадамжай, Баткен, Токтогул, Манас, Жети-Өгүз, Түп, Кемин, Гүлчө жана Тоң, Жалалабат, Ош, Кызыл-Кыя, Каракол ТШКлары тарабынан киргизилген.

59 Шайлоочулардын 90% добуш берүүгө келүүсү Жалалабат облусунун Чаткал, Сузак жана Тогуз-Торо УШКларында, Ош облусунун Чоң-Алай жана Кара-Кулжа УШКларында, Баткен облусунун Лейлек УШКсында байкалган. Шайлоочулардын 88 %ынан ашыгы добуш берүүгө келүүсү Жалалабат, Сүлүктү жана Ош шаардык участкалык комиссиялары жана Аксы РШК тарабынан катталган.

БШКдан шайлоодон кийин алынган маалымат боюнча, «Адилет шайлоо үчүн» көзкарандысыз комитеттин алкагында шайлоо күнү болгон бузуулар боюнча иликтөө өткөрүлмөк. Комитет түзүлгөнү менен, иликтөө формалдуу түрдө өткөрүлгөндөй көрүнөт. Муну шайлоо күнү мыйзам бузууларга жол берген адамдарды жоопкерчиликке тартуу боюнча мүмкүнчүлүктү жоготуу деп эсептесе болот.

# XV. СУНУШТАР

2005-жылдын 10-июлунда өткөн мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоого байкоо жүргүзүүдөн кийин ЕККУ/ДИАУБ төмөнкү сунуштарды Кыргыз Республикасынын бийлигинин кароосуна тартуулайт[60].

## A. УКУКТУК БАЗА

1. Конституциянын жобосуна негизделген Шайлоо кодексинин добуш берүүгө шайлоочулардын 50 пайызынын келүүсү тууралуу талабы шайлоолордун өтпөй калышына мүмкүнчүлүк түзүп, шайлоо учурундагы бузууларга жол бериши мүмкүн. ЕККУ/ДИАУБ бул жобону Конституция менен Шайлоо кодексинен алып салууну сунуштайт.

2. Президенттике талапкер катары катталыш үчүн өлкөдө 15 жылдан кем эмес жашоо талабы Конституция менен Шайлоо кодексинде такталыш керек. 15 жылды эсептөө ыкмасы ырааттуу (б.а. талапкерлер катары көрсөтүлгөнгө чейин үзгүлтүксүз) же жашаган жылдары кошулуп (б.а. көрсөтүлгөнгө чейин бардык жылдарды кошкондо) аныкталары так көрсөтүлүш керек.

3. Чет мамлекеттерде турган кыргыз жарандардын добуш берүүсү боюнча эрежелер жана жол-жоболор Шайлоо кодексинде так жазылыш керек.

4. Шайлоону кыскартылган мөөнөттө өткөргөн учурларда календардык мөөнөттөрдү эсептөөнүн стандарттуу ыкмасын Шайлоо кодексине киргизүү сунушталат.

5. Шайлоо участкалар боюнча алдын ала маалымат келери замат БШКнын вебсайтында жарыялоону талап кылган жобо Шайлоо кодексине киргизилиш керек. Бул БШКнын мактоого татыктуу болгон тажрыйбасын чагылдырат эле.

---

60 Бул сунушту «ЕККУ/ДИАУБ «Кыргыз Республикасында мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоо боюнча ортоңку мөөнөттөгү сунуштары». ww.osce.org/documents/odihr/2005/04/13831_en.pdf, жана «2005-жылдын 27-февралында жана 13-мартында өткөн парламенттик шайлоолор боюнча жыйынтык отчетунда» www.osce.org/documents/odihr/2005/05/14456_en.pdf.берилген сунуштары менен бирге кароо зарыл.

6. Бардык талапкерлерге каршы добуш берүү мүмкүндүгү Шайлоо кодексинен алыныш керек. өүүө

**B. ШАЙЛОО ПРОЦЕССТЕРИН ТЕСК●●**

7. БШКнын бейтараптыгын күчөтүү максатында Конституциянын жана Бордорбук шайлоо комиссиясы жөнүндө мыйзамдын жоболору өзгөртүлүш керек.

8. Шайлоо процессинин бардык учурларында БШК, ОШКлар жана РШК/ШШКлар байкоочулар үчүн ачык жыйындарды алдын ала белгиленген убактытта регулярдуу түрдө өткөрүп турушу зарыл. Бардык денгээлдеги шайлоо комиссиялары бардык чечимдерин ачык жыйында алыш керек.

9. Мүмкүн болгон учурларда шайлоо процессин уюштурууну жакшыртуу максатында шайлоо участкаларда катталган шайлоочулардын азыркы саны 1,500дөн ашып кетсе, алардын санын азайтуу зарыл. Бир участкадагы шайлоочулардын санын азайтуу добуш берүү жана добуш эсептөө процессиндеги катаалчылыкты төмөндөтөт.

10. Мүмкүн боло турган түшүнбөстүктөрдү алдын алуу үчүн, шайлоого калган күндүн санын көрсөтүүнүн ордуна БШКнын календардык планында конкреттүү мөөнөттөрдү акыркы мөөнөт (датасы жана убакыты) катары так көрсөтүш керек.

**C. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО**

11. Талапкерлерди каттоо үчүн талап кылынган колдордун минималдуу санын, эң мыкты эларалык практиканы эске алып, кайрадан карап чыгуу зарыл жана ал катталган шайлоочулардын жалпы санынын 1 пайызынан ашпаш керек.

12. Колтамгаларды жарактуу колтамгалардын жетиштүү саны бар экендиги аныкталмайынча же текшериле турган башка колтамгалар калбай калмайынча текшерүү керек.

13. Бир эле учурда колдордун минималдуу санын топтоо жана талапкерлер катары катталыш үчүн шайлоо күрөөсүн коюу боюнча талап кайрадан каралып чыгыш керек. Шайлоо күрөөсү тууралуу талап сактала турган болсо, анда шайлоочулардын кеминде 15 пайызы талапкер үчүн добуш берсе, коюлган күрөө кайра кайтарылат деген планканы кыйлы томондөтүш керек.

**D. МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ**

14. Электорондук ММКалар чөйрөсүнүн ачык-айкындуулугун жогорулатуу үчүн бийлик мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү керек. Буга байланыштуу, ЕККУ/ДИАУБ тарабынан мурун берилген сунуштарга кошумча,

лицензиялоонун ачык жол-жоболорун киргизүүнү карап чыгуу керек, анын ичинде арыз бергендерге коюлган бардык тиешелүү талаптар, кооомдук аукцион аркылуу лиценция берүү жана конкреттүү санкциялардын системасы сыяктуу суроолор эске алыныш керек.

## E. ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕЛЕРИ

15. БШК шайлоочуларды каттоо боюнча жобону жарыялашы керек. Анда азыркы мыйзамдар менен административдик актылардын бирдиктүү талкуусу жана шайлоочулардын тизмелерин түзүү боюнча стандарттар берилиш керек. Так тизмелерди түзүү, маалымдуулукту жакшыртуу, жоопкерчиликтерди тактоо жана шайлоочулар тизмелерин түзүүдөгү отчеттуулукту күчөтүү максатында жободо шайлоочулардын тизмелерин түзүү иштерине тартылган жарандарга жана органдарга түшүнүктүү инструкциялар берилиши керек.

16. “Шайлоо” МАСынын ачык текшерүүсүн өткөрүү зарыл. Системанын тизмеге эки жолу киргизилген жана кайтыш болгон жарандарды аныктоо мүмкүнчүлүгү каралып, документтелип, өлүм тууралуу күбөлүктөрдү каттоо жана кошумча маалыматты каттоо киргизилиши керек.

17. Шайлоочулар тиешелүү маалыматты берип, жооптуу кызматкерлер шайлоочулардын так тизмелерин түзө албай калган учурлар боюнча санкциялар жана аларды ишке ашыруу механизмдери мыйзамдарда каралышы керек.

18. Шайлоочуларды каттоонун негизи катары жарандарды каттоонун ишенимдүү жана эффективдүү системасын түзүү суроосу ойлонуштурулушу керек. Адамдын ким экенин тастыктаган документтерди Кыргыз Республикасынын жарандарына берүү боюнча улуттук кампаниясы шайлоочулардын тизмелеринин тактыгын жогорулатууга өбөлгө түзмөк эле.

## F. ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖОЛ-ЖОБОЛОРУ

23. УШКлар толтурган шайлоонун жыйынтыктары боюнча протоколдордун бланктарын жөнөкөйлөтүү зарыл. УШКнын, ошондой эле РШК/ШШКлардын мүчөлөрү добуштарды эсептөө жана протоколдорду толтуруу боюнча атайын окуулардан өтүүгө тийиш. Протоколдорду толтурбай же карандаш менен толтуруп коюуга мыйзам тарабынан тыюу салынып, бул үчүн жаза колдонуу керек.

## ЕККУ/ДИАУБ Ж●НҮНД●

Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча офис (ДИАУБ) –"адам укуктарын жана фундаменталдык эркиндиктерин толук урматтоо, мыйзамдуулуктун үстөмдүүлүгүн сактоо, демократия принциптерин илгерилетүү жана (…) демократиялык институттарды түзүү, күчөтүү, коргоо, ошондой эле коом боюнча толеранттуулукту өстүрүүнү камсыз кылууда ЕККУга мүчө болгон өлкөлөргө жардам берүү боюнча ЕККУнун негизги институту. (Хельсинки документи, 1992-ж.).

ДИАУБ Польшада, Варшава шаарында жайгашып, Эркин шайлоолор үчүн офиси катары 1990-жылы өткөн Париж саммити учурунда түзүлүп, 1991-жылдын май айынан тартып иштей баштаган. Бир жылдан кийин адам укуктарын жана демократиялаштырууну камтуу үчүн кеңейтилген мандатын чагылдыруу максатында офистин аты өзгөрүлгөн. Бүгүнкү күндө анда 100 кызматкер иштейт.

ДИАУБ - **шайлоого байкоо жүргүзүү** чөйрөсүндөгү Европанын алдыңкы уюму болууда. ЕККУнун аймагында өткөн шайлоолор улуттук мыйзамдарга жана эларалык стандарттарга ылайык өткөнүн баамдоо үчүн Бюро жыл сайын миндеген байкоочуларды уюштуруп, иштерин координациялайт. Анын уникалдуу методологиясы бардык шайлоо процесстеринин бардык элементтерине терең көз жүгүртүүнү камсыз кылат. Көмөк көрсөтүү долбоорлору аркылуу ДИАУБ өзүнүн өлкө-мүчөлөрүнө шайлоо структурасын жакшыртууга жардам берет.

Офистин **демократиялык** ишмердүүлүгү төмөнкү тематикалык чөйрөлөрдү камтыйт: мыйзамдулуктун үстөмдүгү, жарандык коом, өзү баруучу жана жашоочу жерди тандоо эркиндиги жана гендердик теңчилик. ДИАУБ өлкөнүн ЕККУга берген милдеттенмелерин күчөтүү, демократиялык структураларды өнүктүрүү жаатында жардам берүү үчүн жыл сайын максаттуу көмөк көрсөтүү долбоорлорун ишке ашырат.

ДИАУБ ЕККУга берген адамдык ченемдер боюнча өлкө-мүчөлөрүнүн милдеттенмелерин аткарганына мониторинг жүргүзүп, **адам укуктарын** коргоо жаатында жардам берет. Ал ошондой эле жыл сайын бир катар жыйын өткөрүп, өлкө-мүчөлөрүнүн ЕККУга адамдык ченемдер боюнча милдеттенмелерин ишке ашыруусун карап чыгат.

**Толеранттуулукту илгерилетүү** жана **дискриминацияга жол бербөө** чөйрөсүндө ДИАУБ өлкө-мүчөлөрүнүн ЕККУга берген милдеттенмелерин ишке ашыруусунда жана жек көрүүчүлүк, расизм көрүнүштөрү, ксенофобия, анти-семитизм, толерантсыздыктын башка формаларына жооп берүүсүн күчөтүүдө жардам берет. ДИАУБдун толеранттуулук жана дискриминациясыз мамилени камсыз кылуу боюнча ишмердүүлүгү төмөнкү чөйрөлөргө багытталган: мыйзам чыгаруу, мыйзамдарды аткаруу багытында окууларды өткөрүү, мониторинг, отчеттуулук, жек көрүүчүлүк жаатындагы кылмыштар менен окуяларга жооп берүү, ошондой эле толеранттуулук, урматтоо жана бир бирин түшүнүү боюнча окутуу ишмердүүлүгү.

ДИАУБ өлкө-мүчөлөрүнө рома жана синти жамааттары боюнча саясаты тууралуу кеңеш берет. Бул рома жана синти жамааттарынын потенциалы менен байланыш түзүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзүп, рома жана синти өкүлдөрүнүнүн саясатты түптөгөн органдарга катышуусуна жардам берет. Офис ошондой эле улуттук жана ал эларалык уюмдарга рома жана синти элдери тууралуу маалымат менен алмашуу боюнча борбору катары иш алып барууда.

ДИАУБдун бардык иштери ЕККУнун өлкө-мүчөлөрү, ЕККУнун институттары, жер-жерлердеги бөлүмдөрү, ошондой эле башка эларалык уюмдар менен тыгыз кызматташтыкта жана координациялоо менен алып барылат.

ЕККУ/ДИАУБ тууралуу кошумча маалыматты ЕККУ/ДИАУБдун вебсайтында (www.osce.org/odihr) таба аласыз.